KYRGYZPATENT

# 2015

ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ ГОДОВОЙ ОТЧЕТ ANNUAL REPORT

KYRGYZPATENT

# 2015

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ · ГОДОВОЙ ОТЧЕТ · ANNUAL REPORT

Государственная служба интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики
The State service of intellectual property and innovation under the Government of the Kyrgyz Republic


KYRGYZPATENT
www.patent.kg
STATE
INTELLECTUAL
PROPERTY
SERVICE
УАЛДЫК МЕНЧИК КЫЗМАТЫ

*Манас Абдыллабек уулу,
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар
мамлекеттик кызматынын төрагасы*

*Манас Абдыллабек уулу,
председатель Государственной службы
интеллектуальной собственности и инноваций при
Правительстве Кыргызской Республики*

*Manas Abdyllabek uulu,
Chairman of the State Service of Intellectual Property and
Innovation under the Government of the Kyrgyz Republic*



### Кымбаттуу окурман!

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент) иши жөнүндө 2015-жылга жылдык отчет Кыргызпатент тарабынан интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын укуктук коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү боюнча милдеттерин жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө маалыматты камтыйт. Мыйзамдарды өркүндөтүү, интеллектуалдык менчикти коргоо, ата мекендик авторлор менен укук ээлеринин укуктарын камсыздоо жана интел-*

### Дорогой читатель!

*Годовой отчет о деятельности Государственной службы интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент) за 2015 год содержит информацию о результатах осуществления Кыргызпатентом функций по предоставлению государственных услуг в сфере правовой охраны результатов интеллектуальной собственности. Конкретная работа проводилась в области совершенствования законодательства, охраны интеллектуальной собственности, обеспечения прав отечественных авторов*

### Dear reader!

*Annual report on the activities of the State Service of Intellectual Property and Innovation under the Government of the Kyrgyz Republic (Kyrgyzpatent) for 2015 contains information on the results of Kyrgyzpatent functions of providing public services in the field of legal protection of intellectual property results. Specific work carried out in the field of improvement of the legislation, protection of intellectual property, ensuring the rights of domestic authors and right holders, and commercialization of intellectual property.*

*In 2015, in the field of intellectual property legislation has undergone changes*

*лектуалдык менчикти коммерциялаштыруу жаатында дайындуу иш жүргүзүлдү.*

*2015-жылы интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдар Евразия экономикалык биримдигине кошулгандыгыбызга байланыштуу өзгөртүүлөргө дуушар болду, бул болсо мыйзамга тиешелүү актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо боюнча ири иштерди уюштурууну талап кылды.*

*Инновациялык өнүктүрүүгө көп көнүл бурулду, алгачкы жолу өткөрүлгөн "Мыкты инновациялык долбоор" конкурсу анын практикалык жагы болуп калды. Конкурстун максаты – Кыргыз Республикасында эң келечектүү инновациялык долбоорлорду издөө, тандоо жана ишке ашырууга көмөктөшүү. Конкурстун жыйынтыктары боюнча Кыргызпатент андан ары тажрыйбалык үлгүлөрүн жасоону финансылоо үчүн 3 долбоорду тандап алды. Бул инновациялык долбоорлорду киргизүү заманбап рынок талап кылган жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө шарттарды түзгөн, атаандаштыкка жөндөмдүү*

*и правообладателей и коммерциализации интеллектуальной собственности.*

*В 2015 году законодательство в области интеллектуальной собственности претерпело изменения в связи с присоединением к Евразийскому экономическому союзу, что потребовало организации масштабных работ по подготовке предложений по совершенствованию подзаконных актов.*

*Большое внимание уделялось содействию инновационному развитию, где практической стороной стал впервые проведенный конкурс «Лучший инновационный проект». Целью конкурса являлся поиск, отбор и содействие в реализации наиболее перспективных инновационных проектов в Кыргызской Республике. По результатам конкурса Кыргызпатент отобрал 3 проекта для дальнейшего финансирования в изготовлении опытных образцов. Внедрение указанных инновационных проектов может позволить оказывать конкурентоспособные услуги, востребованные современным рынком и создающие условия для социаль-*

*due to accession to the Eurasian Economic Union, which required the organization of large-scale works on the preparation of proposals for improving regulations. Much attention was paid to assistance to innovative development where the held competition "The Best Innovative Project" became a practical side for the first time. The purposes of a competition were: search, selection and assistance in implementation of the most perspective innovative projects in the Kyrgyz Republic. By results of a competition, Kyrgyzpatent has selected 3 projects for further financing in production of prototypes. The introduction of these innovative projects can afford to provide competitive services demanded by the modern market and creating the conditions for socio-economic development of the country.*

*Within the framework of the Memorandum of Understanding between Kyrgyzpatent and the World Intellectual Property Organization in 2015 has 3 branch of the Center for Technology and Innovation Support on the basis of higher educational institutions*

*кызматтарды көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.*

*Кыргызпатент менен Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун жоболорун ишке ашыруунун алкагында 2015-жылы жогорку окуу жайлардын жана уюмдардын базасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун 3 филиалы ачылды.*

*Интеллектуалдык менчик объектилерин каттоого берилген өтүнмөлөрдүн санынын өсүү тенденциясы сакталып калды, ал отчеттук мезгилде 8ден ашуун пайызга жогорулады.*

*Мурдагы жылдардай эле Кыргызпатенттин иши автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин каттоого, ата мекендик жана чет элдик авторлордун, укук ээлеринин мүлктүк укуктарын камсыздоого багытталган.*

*Авторлор менен укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу жаатында маанилүү натыйжалар алынды. Алсак, 2015-жылы Кыргызпатент 10 млн. сомго жакын суммадагы автордук сыйакы жыйноону жүзөгө ашырды. 2015-жылы автордук*

*но-экономического развития страны.*

*В рамках реализации положений Меморандума о взаимопонимании между Кыргызпатентом и Всемирной организацией интеллектуальной собственности, в 2015 году открыты 3 филиала Центра поддержки технологий и инноваций на базе высших учебных заведениях и организаций.*

*Сохранилась тенденция роста количества поданных заявок на регистрацию объектов интеллектуальной собственности, которая в отчетном периоде повысилась на более чем 8%.*

*Деятельность Кыргызпатента, как и в предыдущие годы, была направлена на регистрацию объектов авторского права и смежных прав, на обеспечение имущественных прав как отечественных, так и зарубежных авторов и правообладателей. Значимые результаты достигнуты в области коллективного управления имущественными правами авторов и правообладателей. Так, в 2015 году Кыргызпатент осуществил сбор авторского вознаграждения в сумме около 10 млн. сомов. Сбор авторского вознаграждения за 2015 год по сравнению с аналогичным периодом*

*and organizations. Growth tendency the number of the submitted applications for objects of intellectual property which in the reporting period more than has increased by 8 % on has remained.*

*The activities of Kyrgyzpatent as in previous years, was aimed at the registration of copyright and related rights, to ensure the property rights of both domestic and foreign authors and right holders. Significant results are achieved by Kyrgyzpatent in the field of collective management of property rights of authors and owners. So, in 2015 Kyrgyzpatent has carried out collecting award in the sum about 10 million som. Collecting award for 2015 in comparison with the similar period of 2014 has increased by 14,1%. Summing up the past year, we can say with certainty that Kyrgyzpatent was able to realize a substantial amount of the tasks assigned to him by the Government of the Kyrgyz Republic. Allow me to wish success and innovative breakthroughs in the development and improvement of intellectual property protection and enforcement system,*

*сыйакыларды жыйноо 2014-жылдын ушундай эле мезгилине салыштырмалуу 14,1 %га жогорулаган.*

*Өткөн жылдын жыйынтыктарын чыгарып жатып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргызпатенттин алдына койгон милдеттердин олуттуу көлөмүн ишке ашыра алды деп ишенимдүү айтууга болот.*

*Интеллектуалдык менчикти коргоо жана сактоо системасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишинде чыгармачыл ийгиликтерди жана инновациялык илгерилөөнү, өлкөбүздүн гүлдөп, өнүгүүсү үчүн майнаптуу иштөөгө кайтарылбас эрк, чың ден соолук каалап кетүүгө уруксат этиңиздер.*

*2014 года повысился на 14,1%.*

*Подводя итоги прошедшего года, можно с уверенностью сказать, что Кыргызпатент сумел реализовать существенный объем задач, поставленных перед ним Правительством Кыргызской Республики.*

*Позвольте пожелать творческих успехов и инновационных прорывов в деле развития и совершенствования системы охраны и защиты интеллектуальной собственности и получить положительный заряд бодрости и здоровья, который позволит эффективно трудиться на благо процветания и развития нашей страны.*

*and get a positive charge of energy and health, which will effectively work for the prosperity and development of our country.*

# МАЗМУНУ \ СОДЕРЖАНИЕ \ CONTENTS

**Кириш сөз** ........ 3
***Вступительное слово*** ........ 3
**Introductory speech** ........ 3

**I. Интеллектуалдык менчик системасын жана инновацияларды өркүндөтүү** ........ 12
***I. Совершенствование системы интеллектуальной собственности и инноваций*** ........ 74
**I. Improvement of the Intellectual Property and Innovation system** ........ 136

**II. Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук база** ........ 29
***II. Нормативная правовая база в области интеллектуальной собственности*** ........ 91
**II. Legal and regulatory framework in the field of intellectual property** ........ 152

**III. Интеллектуалдык менчик жаатында эл аралык кызматташуу** ........ 31
***III. Международное сотрудничество в сфере интеллектуальной собственности*** ........ 93
**III. International cooperation in the field of intellectual property** ........ 154

**ИМБДУ менен кызматташуу** ........ 31
***Сотрудничество с ВОИС*** ........ 93
**Cooperation with WIPO** ........ 154

**Евразия патенттик ведомствосу менен кызматташуу** 33
***Сотрудничество с Евразийским патентным ведомством*** ........ 96
**Cooperation with Eurasian Patent Office** ........ 156

## МАЗМУНУ \ СОДЕРЖАНИЕ \ CONTENTS


**Ведомстволор аралык кызматташуу ........................... 34**
***Межведомственное сотрудничество........................ 96***
**Interdepartmental Cooperation.......................................... 156**

**IV. Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо............. 37**
***IV. Охрана объектов интеллектуальной собственности 99***
**IV. Protection of intellectual property objects............................ 159**

**1. Ойлоп табуулар............................................................ 37**
***1. Изобретения.............................................................. 99***
**1. Inventions...................................................................... 159**

**2. Пайдалуу моделдер...................................................... 39**
***2. Полезные модели........................................................ 101***
**2. Utility Models................................................................. 160**

**3. Өнөр жай үлгүлөрү........................................................ 40**
***3. Промышленные образцы............................................ 102***
**3. Industrial Designs............................................................ 162**

**4. Рационализатордук сунуштар.................................... 43**
***4. Рационализаторские предложения.......................... 105***
**4. Rationalization proposals............................................... 164**

**5. Товардык белгилер....................................................... 43**
***5. Товарные знаки........................................................... 105***
**5. Trademarks..................................................................... 165**

**6. Эл аралык товардык белгилер.................................... 45**
***6. Международные товарные знаки............................ 107***
**6. International Trademarks................................................ 166**

**7. Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары...... 47**
***7. Наименования мест происхождения товаров....... 109***
**7. Application of Origin....................................................... 168**

**8. Фирмалык аталыштар.................................................. 47**
***8. Фирменные наименования.........................................*** 109
**8. Firm Names..................................................................** 168

**10. Селекциялык жетишкендиктер................................. 47**
***10. Селекционные достижения....................................*** 109
**10. Selective Achievements................................................** 169

**11. Салттуу билимдер...................................................... 47**
***11. Традиционные знания...............................................*** 109
**11. Traditional Knowledge..................................................** 169

**12. Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин коргоо....................................................... 47**
***12. Охрана объектов авторского права и смежных прав.........................................................................*** 109
**12. Protection of Copyright and Related rights................** 169

**V. Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруу........................... 49**
***V. Коллективное управление имущественными правами*** 111
**V. Collective management of property rights............................** 170

**VI. Лицензиялык келишимдерди каттоо................................. 51**
***VI. Регистрация лицензионных договоров..........................*** 113
**VI. Registration of license agreements.......................................** 172

**VII. Интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу...... 54**
***VII. Осуществление прав интеллектуальной собственности.........................................................................*** 116
**VII. Enforcement of IP rights .......................................................** 174

**Сот практикасы жана Кыргызпатентке караштуу Апелляциялык кеңешинин иши ..................................... 54**
***Судебная практика и деятельность Апелляционного совета при Кыргызпатенте.........*** 116
**Juridical practice and the activity of Board of Appeals under the Kyrgyzpatent .....................................................** 174

# МАЗМУНУ \ СОДЕРЖАНИЕ \ CONTENTS


**VIII. Маалыматтык технологияларды өздөштүрүү.................. 57**

***VIII. Внедрение информационных технологий .................... 119***

**VIII. Introduction of information technologies ............................ 176**

**IX. Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун иши жана чыгармачылык ишмердикти өбөлгөлөө...................... 58**

***IX. Деятельность Государственного фонда интеллектуальной собственности и стимулирование творческой деятельности.................................................... 120***

**IX. Activity of the State Fund of Intellectual Property and encouragement of creativity........................................................ 177**

**X. Мамлекеттик патенттик –техникалык китепкананын иши жана маалыматтык тейлөө........................................................ 64**

***X. Деятельность Государственной патентно-техниче-ской библиотеки и информационное обслуживание........... 126***

**X. Activities of the State Patent and Technical Library and Information Services ..................................................................... 182**

**XI. Маалыматтык жана редакциялык-басма иши................... 68**

***XI. Информационная и редакционно-издательская деятельность.......................................................................... 130***

**XI. The information and publishing activity ............................... 186**

**Шарттуу кыскартуулардын тизмеги......................................... 72**

***Перечень условных сокращений.............................................. 134***

**List of notations............................................................................ 190**

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын 2015-жылы аткарган иштери жөнүндө маалымат



# I. Интеллектуалдык менчик системасын жана инновацияларды өркүндөтүү

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (мындан ары – Кыргызпатент) 2013-2017-жылдардагы мезгилге Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын, 2013-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүгө өтүшү боюнча программанын жана 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын (мындан ары – Мамлекеттик программа) негизги максаттарын жана милдеттерин ишке ашырды. Мамлекеттик программада коюлган негизги максатка – интеллектуалдык менчик системасын жана инновациялык ишти өркүндөтүү аркылуу экономиканын өнүгүшүнө көмөктөшүү үчүн ченемдик укуктук базаны мындан ары өркүндөтүү, интеллектуалдык менчик объектилерине укуктук коргоо берүүнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү, интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо деңгээлин жогорулатуу, интеллектуалдык чыгармачылыкка жана интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштырууга көмөктөшүү боюнча иштер жүргүзүлдү. Ошентип маселелер интеллектуалдык менчикти коргоо жана сактоо жолу менен гана эмес, рынок экономикасынын шартында инновациялык ишти укуктук жөнгө салуу аркылуу дагы чечилди. Мамлекеттик программанын 114 иш-чараларынын ичинен 66 ишке ашырылды жана жыйынтыкталып бүттү, ишке ашыруу процессинде – 44, чыгарып салынганы – 5.




Мамлекеттик программанын алкагында 5 долбоор ишке ашырылды.

**«Кыргызстандын жаңы муундагы ойлоп табуучулары жана жаңычылдары»** деген долбоор боюнча интеллектуалдык чыгармачылыкты өбөлгөлөө, колдоо жана жигердендирүү, жаштарды илимий-техникалык чыгармачылык чөйрөсүнө активдүү тартуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Мектеп жана мектепке чейинки мекемелердин жетекчилери менен өз ара иш жүргүзүлүүдө. Чыгармачыл инсандарга колдоо көрсөтүлүп, ийримдерди техникалык жактан жабдууга жардам көрсөтүлүүдө. Окуучулардын илимий-техникалык чыгармачылыгын жигердендирүү үчүн Кыргызстандын бардык региондорунда интеллектуалдык менчик бурчтары, илимий-техникалык моделдөө ийримдери жана жогорку окуу жайларынын базасында фольклордук ийримдер түзүлүп, ачылууда. 2015-жылдын ичинде Ысык-Кол облусунун, Нарын облусунун Ак-Талаа районунун балдар билим берүү борборлорунун базасында интеллектуалдык менчиктин 6 бурчу түзүлгөн, аларда Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун иши менен таанышууга болот. Мындан тышкары ушул ийримдердин базасын бекемдөө үчүн КРда интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо боюнча китептер, китепчелер белекке берилди, «Интеллект, чыгармачылык жана турмуш» журналы, “КР ойлоп табуучулары”, “КР обончулары”, “КР манасчылары”, “КР композиторлору”, ошондой эле аспаптар жана материалдар берилди.



*Балдар чыгармачылыгынын райондук борборлорунда жана билим берүү борборлорунда техникалык чыгармачылык көргөзмөлөрү*

Ошентип 2014-жылга салыштырмалуу 2015-жылы илимий-техникалык чыгармачылыкка тартылган окуучулар менен жаштардын саны 17 %га көбөйдү.

| Региондор | Балдар ийримдеринин саны, бирд. | | Окуучулардын саны, киши | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Ысык-Көл | 42 | 52 | 1008 | 1248 |
| Нарын | 17 | 23 | 587 | 828 |
| Талас | 20 | 32 | 720 | 1152 |
| Чүй | 23 | 29 | 830 | 1044 |
| Баткен | 17 | 22 | 612 | 792 |
| Жалал-Абад | 12 | 17 | 450 | 610 |
| Ош | 126 | 131 | 3024 | 3144 |
| **Бардыгы:** | **257** | **306** | **7231** | **8818** |

Балдар чыгармачылыгынын райондук борборлорунда жана билим берүү борборлорунда техникалык чыгармачылыктын 10 көргөзмөсү уюштурулган, иш-чараларда ар түрдүү ийримдердин 800дөн ашуун өкүлдөрү катышты. Көргөзмөлөрдө окуучулар техникалык чыгармачылык боюнча 1040 макеттерди, долбоорлорду көрсөтүштү. Өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйын-

тыгы боюнча резолюциялар кабыл алынды. Келечектүү ата мекендик иштелмелерди аныктоо, аларды иштеп чыгуучуларды өбөлгөлөө жана сыйлоо, мыкты ойлоп табуучулардын дайындар базасын түзүү максатында жыл сайын мыкты ойлоп табуучулар тандалып турат. Мыкты ойлоп табуучулар Кыргызпатенттин дипломдору менен сыйланышат. «Интеллектуалдык менчик» деген темада викториналар, интеллектуалдык оюндар жана орто мектептин окуучулары үчүн плакаттардын конкурсу өткөрүлүп турат.

Эл аралык конкурстарга жана олимпиадаларга, «Биз – XXI кылымдын интеллектуалдары» деген республикалык конкурска, «Ысык-Көл досторун чакырат» деген II Эл аралык фестивалга, «Жоокер ыры» деген Республикалык балдар ыр конкурсуна, «Атам, апам жана мен – техникалык үй-бүлөбүз» деген Талас облустук конкурсуна жана «Техника балдардын көз карашы менен» деген облустук конкурска катышуу үчүн келечеги кең жаш жаңычылдар тандалды жана жиберилди.

**“Чакан жана орто ишканалардын инновациялык ишин өнүктүрүүгө маалыматтык көмөктөшүү”** долбоору боюнча ишкерлерге маалымат жана дараметтүү бизнес-өнөктөштөрдү издөө жүргүзүүдө көмөктөшүү, чакан жана орто бизнес өкүлдөрүн инновацияларды пайдалануудан экономикалык пайда алуунун ыкмаларына окутуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Кыргызпатент тарабынан 2014-жылы “Кыргыз Республикасын 2020-жылга чейин инновациялык өнүктүрүүнүн концепциясынын” долбоору иштелип чыккан, анда Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүнүн инновациялык жолуна өтүшү үчүн шарттарды түзүү бо-



*Балдар чыгармачылыгынын райондук борборлорунда жана билим берүү борборлорунда техникалык чыгармачылык көргөзмөлөрү*

юнча чаралардын зарыл болгон комплекси сунушталган. Азыркы учурда өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана инновациялык иштин жана илимдин өнүгүшүнүн азыркы абалын эсепке алуу менен Кыргыз Республикасынын илимий-инновациялык өнүгүшүнүн концепциясын иштеп чыгууну баштоого чечим кабыл алынган, ал инновациялык жигердүүлүккө, инновациялык долбоорлорду, анын ичинде илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштелмелерди ишке ашырууга багытталмакчы.

Келечектүү инновациялык долбоорлорду тандоо жана аларды ишке ашырууга көмөктөшүү максатында "Мыкты инновациялык долбоор" деген конкурс өткөрүлгөн. Конкурсту өткөрүү үчүн "КРда инновациялык долбоорго киргизүүнүн критерийлери жана талаптары жөнүндө" жобо иштелип чыккан жана Кыргызпатенттин төрагасынын 2015-жылдын 21-майындагы №81 буйругу менен бекитилген.

Жыйынтыгы боюнча мындан ары каржылоо үчүн 3 долбоор тандалган:

1) "Перфораторлорду чыгаруу", Умаров Т., И. Раззаков атындагы КМТУнун Тоо иши жана тоо технологиялары институту;

2) "Адамдын ири лимфалык коллекторлорунун чыга бериш тешигин дренаждоонун операциялык эмес ыкмасын жана онкологиялык ооруларды дарылоону иштеп чыгуу", Асанов Б.У., академик У.Асанов атындагы илимий- техникалык борбору;

3) «Биротордук микро ГЭС», Обозов А.Ж., Акпаралиев Р.А., Медеров Т.Т., И. Раззаков атындагы КМТУ;

Ошондой эле "Пиролиздин жана Кыргызстандын төмөнкү сорттогу көмүрүн газификациялоонун негизинде инновациялык көмүрдү кайра иштетүү комплексин иштеп чыгуу жана түзүү" деген долбоор Борбордук Азиядагы инновацияларды өздөштүрүү борборуна сунушталган.

2015-жылы жогорку окуу жайлардын жана уюмдардын негизинде Патенттик-техникалык маалымат борборунун 3 филиалы ачылган. Борбор техникалык жана патенттик маалыматты издөөгө көмөктөшөт, ошондой эле илимий коомдун өкүлдөрүнө, ойлоп табуучуларга, ЖОЖдун студенттерине жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнө интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды башкарууга байланыштуу кеңештерди берет.

Инновациялык иш жаатындагы билим деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле инновациялык процессти кадрлар менен камсыздоо максатында инновациялык иштин менеджменти чөйрөсүндө Кыргызпатент менен ТИКБнын кызматкерлери окутулду, ошондой эле



*К. И. Скрябин атындагы КУАУнун базасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун филиалынын ачылышы*



*ТИКБлардын филиалдары*

ИМБДУ Академиясынын аралык курсунан дагы окутулду. Ушул багытта төмөнкүдөй окутуу тренингдери өткөрүлгөн:

- 2015-жылдын 27-февралында Инновациялык агрардык технологиялар борборунда (ИАТБ) «Эл аралык дайындар базасын пайдалануу менен патенттик маалыматтарды издөө» деген темада тренинг өткөрүлгөн, ага 70 киши катышкан;

- 2015-жылдын 28-февралында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен биргелешип «Инновациялык менеджмент, интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу жана аны баалоо» деген темада тренинг өткөрүлгөн, ага 31 киши катышкан;



*ТИКБлардын филиалдарынын базасында «Патенттик жана патенттик эмес маалыматтарды издөө" тренинги*

- 2015-жылдын 31-мартында ИМдин Мамлекеттик фондунда «Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо маселелери, патенттик эмес маалыматтарды пайдалануу жана интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу» деген темада ТИКБнын филиалдарынын координаторлору үчүн семинар-тренинг өткөрүлгөн, ага 33 киши катышкан;

- 2015-жылдын 23-апрелинде А. С. Жаманбаев атындагы Жаратылыш ресурстар институтунда ТИКБнын ачылышынын алкагында «Эл аралык дайындар базасын пайдалануу менен патенттик маалыматтарды издөө» деген темада тренинг өткөрүлгөн, ага 164 киши катышкан;

Ысык-Көл облусунда 09-11-14.11.2015-ж. жана Талас облусунда 12.10.-17.10.2015-ж. "Мектеп окуучуларынын илимий-техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөр жана келечеги" деген темада тегерек столдор өткөрүлгөн.

2015-жылдын 20-апрелинде Баткен мамлекеттик университетинде "Баткен облусунда мөмө-жемиш продукциясын кайра иштетүүнү инновациялык өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү жана анын келечеги" деген темада региондук тегерек стол өткөрүлгөн.

2015-жылдын 14-майында С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде "Нарын облусунда эт-сүт продукциясын кайра иштетүүнү инновациялык өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү жана анын келечеги" деген темада тегерек стол өткөрүлгөн.




*Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борбору (EIPTTC) менен бирдикте «Инновациялык өнүгүү жана технологияларды өткөрүп берүү» жана «ЧОИни өнүктүрүүдө инновациялык иштин ролу» семинары*




*Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борбору менен бирдикте «Интеллектуалдык менчик укуктарын натыйжалуу башкаруу жана аларды коргоо» семинары*

2015-жылдын 3-4-июнунда Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борбору(EIPTTC) менен биргелешип “Инновациялык өнүгүү жана технологияларды өткөрүп берүү” жана “ЧОИни өнүктүрүүдө инновациялык иштин ролу” деген семинар өткөрүлгөн. Семинар инновациялык ишти өнүктүрүү жана технологияларды өткөрүп берүү, чакан жана орто ишканалардын инновациялык ишин жигердендирүү чөйрөсүндө тажрыйбалар менен алмашуу максатында өткөрүлгөн. Семинарга EIPTTСтин, Рига техникалык университетинин, мамлекеттик орган-

дардын, КР УИАнын, ЖОЖдун, ИИИнин, КР соода-өнөр жай палатасынын, чакан жана орто ишканалардын, коомдук уюмдардын өкүлдөрү жана ойлоп табуучулар катышты. Иш-чаранын аягында инновациялык ишти өнүктүрүү, ошондой эле эки тараптуу кызматташуунун келечеги жана алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн маселелери боюнча талкуулоо болгон. Ошондой эле Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борборуменен бирге “Интеллектуалдык менчик укуктарын натыйжалуу башкаруу жана аларды коргоо” деген темада семинар өткөрүлгөн. Семинардын ишине Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борборунун Башкы директору Мариус Кунингас жетектеген өкүлдөр катышкан. ЧОИнин, изилдөө институттарынын жана Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун өкүлдөрү интеллектуалдык менчик укуктарын натыйжалуу башкаруу жана аларды коргоо ыкмаларына окутулган (40 киши).

20-21-октябрда Каракол жана Нарын шаарларында К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин жана С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын катышуусу менен “Интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруунун актуалдуу маселелери” деген семинар өткөрүлгөн. Семинарларда интеллектуалдык менчик объектилерин укуктук коргоо маселелери талкууланган. Иш-чаралар интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу маселелери боюнча жергиликтүү окумуштуулар, ойлоп табуучулар үчүн аянтча түзүү максатында өткөрүлгөн.

2015-жылдын 24-ноябрында Токмок шаарында “Идеядан пайда алганга чейин” деген семинар өткөрүлгөн. Семинарга ойлоп табуучулар, Кыргызпатенттин, Токмок ш. Соода-өнөр жай палатасынын өкүлдөрү, ишкерлер, чакан жана орто бизнестин өкүлдөрү катышты. Семинардын жүрүшүндө агрардык сектордо жана жеңил өнөр жайда жаңы технологияларды пайдалануу ыкмалары, контрафакттык дарылар, балдар товарлары менен күрөшүү маселелери, ошондой эле ак ниет эмес атаандаштыкты коргоо маселелери жана бизнесте товардык белгилердин ролу талкууланган. Идеядан пайда алганга чейин” ийгиликтин тарыхынойлоп табуучу, «Электрфарфору» ЖЧКнын директору В. Шипилов  айтып берген, мындан ары коммерциялаштыруу үчүн ойлоп табууларды патенттөөнүн ролун белгилеген.

МПТКнын “Эгер биз болбосок – анда ким?” деген клубда ойлоп табуулар жөнүндө балдардын жасалгаланган адабияттары, “Билим – бул күч!” деген темада

ИМ объектилери жөнүндө маалыматтык продуктулар берилет, клубга Бишкек шаарынын №27, №29 мектептеринин, ошондой эле Чүй облусунун мектептеринин окуучулары барышкан.

ТИКБнын кызматкерлери тарабынан төмөнкү маселелерге байланыштуу чакан жана орто ишканалардын суроо-талаптары боюнча 681 кеңеш берилген:

- товардык белгилерди каттоо,
- ойлоп табуулар боюнча патенттик издөө;
- өнөр жай үлгүлөрүн каттоо;
- автордук укук.

МПТК кызматкерлери тарабынан өкмөттүк эмес уюмдар үчүн 10 кеңеш берилген («ROZ» ЖЧКсы, «Энергоремонт» ААКсы, «Мостовик» ЖЧКсы, «Галерея» ЖЧКсы), жеке ишкерлер үчүн 350, ошондой эле студенттер үчүн 1103 кеңеш берилген.

**“Контрафакттык продукция – калктын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирет”** деген долбоор боюнча өлкөнүн аймагында “каракчылыктын”, өзгөчө - калктын жашоосуна жана ден соолугуна коркунуч келтирген контрафакттык фармацевтикалык жана тамак-аш продукцияларынын деңгээлин төмөндөтүү боюнча иш-чаралар өткөрүлүп турган.

2015-жылдын 15-апрелинде “Кыргызстандын рыногунда контрафакттык жана жасалма дары каражаттарынын таралышына көзөмөл жүргүзүү чөйрөсүндөгү көйгөйлөр жана келечеги” деген тегерек стол өткөрүлгөн. Тегерек столдун ишине КР Саламаттык сактоо министрлигинин, КР Экономика министрлигинин, КР Өкмөтүнө караштуу Мамле-



*«Кыргызстандын рыногунда контрафактылык жана жасалма дары каражаттарынын жайылтылышын контролдоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөр жана келечектер» деген темада тегерек үстөл*

кеттик бажы кызматынын, КР Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынын, Бишкек шаарынын ИИББнин, КР Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин, Бишкек шаарынын мериясынын жана райондук администрацияларынын, ошондой эле коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Контрафакттык жасалма дары каражаттарынын жайылтылышыжөнүндө маалыматтарды алуу максатында ведомстволор аралык ишти күчөтүүнүн, ошондой эле коомдук уюмдар менен бирге иштешүүнүн зарылдыгы белгиленген.

2015-жылдын 15-майында Ош шаарында укук ээлери, авторлор, автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин (театрлар, телерадиокомпаниялар жана башкалар) пайдалануучулар үчүн “Кыргыз Республикасында автордук укукту коргоо” деген тегерек стол өткөрүлгөн. Автордук укук объектилерин каттоо, ак ниет эмес пайдалануучулардын чыгармаларды мыйзамсыз пайдалангандыгы, Ош облусунун аймагында контрафакттык продукциянын жүгүртүлүшүнө бөгөт коюу жөнүндө маселелер талкууланган.

2015-жылдын 29-июнунда контрафакттык продукциянын зыяндуулугу жөнүндө социалдык плакаттарды чыгарган конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлоо болуп өткөн. Конкурстун негизги максаты болуп калкка контрафакттык продукциянын зыяндуулугу жөнүндөмаалымат берүүнү жогорулатуу жана контрафакт менен каракчылыкка терс мамилени калыптандыруу саналат. Контрафакттык продукциянын зыяндуулугу жөнүндө плакаттардын конкурсунда байгелүү орундарды алган







*Контрафактылык продуктулардын зыяндуулугу жөнүндө социалдык плакаттарды түзүүгө конкурс*

плакаттар Кыргызпатент тарабынан 300 даана чыгарылган. Плакаттар ушул акцияны өткөрүү жөнүндө басма жарнама менен бирге жыл сайын өткөрүлүүчү “Каракчылыкка жол жок” деген акциянын алдында Бишкек шаарындагы калк жыш жайгашкан жерлерде жайгаштырылган.

2015-жылдын 13-октябрында Бишкек шаарынын “Манас” кинотеатрында “Каракчылыкка жол жок - 2015” деген акция Кыргыз Республикасынын министрликтери менен ведомстволорунун, коомдук уюмдарынын өкүлдөрүнүн, авторлор менен укук ээлеринин катышуусу менен өткөрүлгөн. Каракчылыкка жол жок - 2015” акциясы “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жайылтуу, контрафакттык продукциянын Кыргызстандын калкынын ден соолугуна жана өмүрүнө зыяндуулугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана контролдоо органдары менен бирге Кыргызпатенттин өткөргөн




*«Каракчылыкка жол жок – 2015» акциясы*






*«Каракчылыкка жол жок – 2015» акциясы*

иш-чараларын чагылдыруу, контрафакттык жана каракчылык продукциялардын жайылтылышына бөгөт коюу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында контрафакттык продукциялар менен күрөшүүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жигердендирүү максатында өткөрүлгөн.

2015-жылдын 4-декабрында контрафакттык продукциянын зыяндуулугу жөнүндө жарнамалык чыгырыктын мыкты сценарийин түзүүгө конкурстун калыстар мүчөлөрүнүн отуруму болуп өткөн. Конкурска Бишкек шаарындагы продакшн студиялардагы өздөрүнүн жар-

намалык чыгырыктары менен белгилүү болгон 6 автор-катышуучу 16 ишин сунуштаган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча сунушталган иштердин ичинен сценарийдин 5 долбоору тандалып, Конкурстун экинчи туруна өткөн. 2016-жылдын январында Конкурстун калыстар тобунун экинчи отуруму болот, анда жеңүүчүлөр жарыяланат.

**“Интеллектуалдык менчик маселелери боюнча укук мектеби”** долбоорун ишке ашыруунун алкагындаинтеллектуалдык менчик маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, интеллектуалдык менчик жаатындагы укук бузуулардын алдын алуу жана аларга бөгөт коюу боюнча мамлекеттик органдар ортосундагы натыйжалуу иштешүүнү камсыздоо боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн.

2015-жылы дайыма Кыргызпатент тарабынан өткөрүлүүчү кыска мөөнөттүү курстарда сот органдарынын, укук коргоо органдарынын жана кызыкдар министрликтер менен ведомстволордун, ошондой эле бизнес-коомчулуктун кызматкерлеринин ичинен 126 угуучу окутулган.




*Интеллектуалдык менчик маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча кыска мөөнөттүү курстар*



*ИМ боюнча курстардын угуучуларына сертификаттарды атпшыруу*



*Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму менен бирдикте интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо боюнча субрегионалдык семинар*

2015-жылдын 21-22-октябрында Кыргызпатент ИМБДУ менен биргелешип Борбордук Азиянын укук коргоо жана сот органдарынын 39 өкүлдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын патенттик ишенимдүү өкүлдөрүнүн, укук ээлеринин жана башкалардын катышуусу менен Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоону камсыздоо боюнча субрегионалдык семинар өткөрүлгөн.

**“Салттуу билимдер коомдун туруктуу өнүгүүсү үчүн”** деген долбоор Кыргызстанда салттуу билимдерди жандандырууга, сактоого жана жайылтууга багытталган.



2015-жылдын 9-октябрында К. И. Скрябин атындагы КУАУнун Биомаданий ар түрдүүлүк борбору менен биргелешип "Ааламдашуу мезгилиндеги салттуу билимдер" темасында II Эл аралык илимий-практикалык конференция уюштурулупөткөрүлгөн, мында агробиоартүрдүүлүктү сактоодо салттуу билимдердин ролу жана орду, салттуу билимдерди изилдөө методологиясы жана булактары, ааламдашуу шартында салттуу билимдердин этномаданий баалуулуктары жөнүндө маселелер талкууланган. Конференцияга КР УИАнын, ЖОЖдун өкүлдөрүнүн, ошондой эле этнографтардын ичинен 100дөн ашуун киши катышты.

2015-жылдын 15-декабрында "Кыргыз Республикасында салттуу билимдер, генетикалык ресурстар жана заманбап биотехнология" деген семинар өткөрүлгөн. Иш-чарада төмөнкү баяндамалар окулду: "Кыргыз Республикасында салттуу билимдерди укуктук коргоо", "Кыргыз Республикасындагы жапайы мөмөлүү өсүмдүктөрдүн генетикалык ресурстары", "Билим берүү системасында салттуу билимдер", "Генетикалык ресурстарга мүмкүндүк алуу жана аларды өз ара пайдалуу маселелери боюнча кырдаалды талдоо". Генетикалык ресурстардын негизинде салттуу билимдерди укуктук коргоо, өсүмдүктөрдүн сейрек кезигүүчү, жоголуп бара жаткан түрлөрүн сактоо, генетикалык ресурстарга мүмкүндүк алууну жөнгө салуунун Нагой протоколу жана Биологиялык артүрдүүлүк жөнүндө конвенцияга байланыштуу аларды пайдалануудан алынган пайданы акыйкат жана бирдей негизде биргелешип пайдалуу маселелери талкууланган. Семинардын аягында резолюция кабыл алынган жана электрондук почта аркылуу семинардын 28 катышуучусуна жөнөтүлгөн, алар Билим берүү жана илим министрлигине, КТЧКТЧМАга ушул семинардын катышуучулары талкуулаган жана алар сунуштаган сунуштары менен каттар жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-январындагы №67 токтому менен бекитилген "Манас" эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча Кыргыз Республикасынын 2012-2017-жылдардагы мезгилге карата улуттук программасын ишке ашыруунун алкагында:

- Кыргызпатенттин, КР Маданият жана туризм министрлигинин, КР УИАнын кызматкерлеринин жана жаш манасчылардын курамынан турган биргелешкен ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн;

- Кыргызпатент жыл сайын «Манас» эпосу менен CD жана DVD-дисктердин 3000 нускасын чыгарат. 2015-жылы манасчы Дөөлөтбек Сыдыковдун аткаруусундагы «Манас» эпосу менен CD жана DVD-дисктерди даярдаган.



*Манасчы Дөөлөтбек Сыдыковдун айтуусундагы "Манас" эпосторун CD жана DVD-дисктеринин бетачары*



*Манасчы Дөөлөтбек Сыдыковдун айтуусундагы "Манас" эпосторун CD жана DVD-дисктеринин бетачары*



# II. Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук база

Интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүү билимге негизделген экономиканы калыптандыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө, укук ээлеринин укуктарын, мыйзамдык кызыкчылыктарын ишке ашырууга жана коргоону камсыздоого, интеллектуалдык менчикти коргоо системасынын инфраструктурасын өнүктүрүүгө жана аны башкарууга багытталган.

2015-жылдын 12-январында “Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирген. Мыйзам интеллектуалдык менчик жаатындагы КР мыйзамдарын Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын жана Россия Федерациясынын Бирдиктүү экономикалык аймагына Кыргыз Республикасынын кошулуусунун алкагында Евразия экономикалык биримдиги (ЕАЭБ) жөнүндө Келишимге ылайык келтирүү максатында кабыл алынган.

2015-жылдын 27-апрелинде “Кыргыз Республикасынын Патенттик мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирген. Мыйзам Кыргызстандын рыногуна генерикалык дары препараттарынын экономикалык жактан жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү максатында кабыл алынган.

2015-жылдын 6-августунда “Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирген.

Мыйзам ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Ведомстволор аралык комиссиянын ишмердүүлүгүнүн алкагында иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен карама-каршылыктарды жана кенемтелерди четтетүүгө багытталган.

2015-жылдын 19-июлунда “Топологиялык интегралдык микросхемаларды укуктук коргоо жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирген. Мыйзам ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Ведомстволор аралык комиссиянын ишмердүүлүгүнүн алкагында иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы карама-каршылыктарды жана кенемтелерди четтетүүгө багытталган.

Жогоруда аталган мыйзамдарды аткаруу үчүн интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларга тиешелүү оңдоолор киргизилген, тактап айтканда:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин “Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында 2015-жылдын 7-сентябрында №619 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтом кабыл алынган;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынаылайык келтирүү максатында 2015-жылдын 21-сентябрында №652 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтом кабыл алынган;

- интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдарды“Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында 2015-жылдын 27-октябрында №753 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу” токтом кабыл алынган.



# III. Интеллектуалдык менчик жаатында эл аралык кызматташуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент) эл аралык кызматташууну өнүктүрүү боюнча иши Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын камсыздоого жана тиешелүү эл аралык келишимдерден келип чыккан Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткарууга, ошондой эле эл аралык уюмдар жана чет өлкөлүк өнөктөр менен кызматташууну өнүктүрүүгө багытталган.

### ИМБДУ менен кызматташуу

Кыргызпатенттин эң артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (мындан ары - ИМБДУ) менен тыгыз жана жемиштүү кызматташуу саналат.

2015-жылдын 23-24-июнунда Ош шаарында Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму менен биргелешип “Университеттер жана илимий-изилдөө мекемелери үчүн интеллектуалдык менчик жаатындагы саясат” деген семинар өткөрүлгөн. Семинар ЖОЖдордо жана илимий-изилдөө мекемелеринде интеллектуалдык менчик боюнча саясаттык калыптандыруу боюнча башка өлкөлөрдүн тажрыйбаларын үйрөнүүгө багытталган. Иш-чарага КР Билим берүү жана илим министрлигинин, Ош шаарынын мэриясынын, ЖОЖдордун, ИИИнин өкүлдөрү жана ТИКБнын координаторлору (41 киши) катышкан.

Бардык катышуучулар ар бир ЖОЖдо жана ИИИде интеллектуалдык менчик жаатындагы саясатты иштеп чыгуу зарыл экендигине макул болушту, ал ИМди пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу-

га жана ИМди коммерциялаштыруудан киреше алууга көмөктөшөт.

2015-жылдын 21-22-октябрында Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму менен биргелешип Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо боюнча субрегиондук семинар өткөрүлгөн. Семинарга сот, укук коргоо, бажы органдарынын өкүлдөрү жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн кызыкдар уюмдарынын жана Беларусь Республикасынын өкүлдөрү катышкан.

Семинарда интеллектуалдык менчик укуктарын коргоого теңдемделген мамиле кылуу, интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо боюнча эл аралык укуктук тартип, Борбордук Азияда интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо практикасы тууралуу маселелер талкууланды. Бул иш-чара сот, укук коргоо, бажы органдарынын өкүлдөрү, укук ээлери жана Кыргызпатенттин адистери үчүн интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо, укук колдонуудагы дүйнөлүк тенденцияларды жана чет өлкөлөрдүн тажрыйбаларын үйрөнүү, сот практикасы, анын ичинде Кыргызстанда контрафакттык жана жасалма продукцияны жайылтууга каршы күрөшүү маселелеринде иш жүзүндөгү мааниси орун алды.

ИМБДУнун катышуучу-мамлекеттеринин Башкы ассамблеясынын отурумунун 55-сериясынын ишинин алкагында эки тараптуу жолугушуулар болуп өттү:

- ИМБДУнун Башкы директору жана Кавказ, Борбордук Азия жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн, ИМБДУнун өткөөл жана өнүккөн экономикасы менен өлкөлөрдүн департаментинин начальниги менен эки тараптуу жолугушуу;
- Польша патенттик ведомствосунун президенти менен эки тараптуу жолугушуу;
- Түрк патенттик институту жана Япония патенттик ведомствосунун өкүлдөрү менен эки тараптуу жолугушуу.

ИМБДУнун Башкы ассамблеясынын жыйынтыгы боюнча 2016-жылы ИМБДУ менен биргелешип иш-чараларды өткөрүү жөнүндө ИМБДУ менен келишимге келишти:

1. Конференция: «Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн стратегиясы. Жыйынтыгы жана келечеги»;

2. Семинар: «Автордук укук. Каракчылык продукцияларын жайылтууга каршы күрөшүү: тажрыйба жана келечеги»;

3. Семинар: «Чакан жана орто ишканаларды өнүктүрүү үчүн товардык белгилердин ролу».




*ИМБДУнун катышуучу-мамлекеттеринин генералдык ассамблеясынын отурумдарынын 55-сериясы*



*ИМБДУнун катышуучу-мамлекеттеринин генералдык ассамблеясынын отурумдарынын 55-сериясынын алкагында ИМБДУнун генералдык директору Френсис Гарри менен жолугушуу*

### Евразия патенттик ведомствосу менен кызматташуу

Отчеттук жылы Кыргызпатент Евразия патенттик ведомствосу менен ийгиликтүү кызматташууну улантты, бул Кыргызпатенттин адистерине жыл сайын төмөнкү окутуу программаларында профессионалдык кайра даярдоонун алкагында өз квалификациясын жана билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет:

«Евразия өтүнмөлөрүнө экспертиза жүргүзүү жана евразия патенттерин берүү»; «ЕАПВда колдонулуучу маалыматтык технологиялар», ошондой эле Россия мамлекеттик интеллектуалдык менчик академиясынын базасында «Интеллектуалдык менчик. Патент таануу» программасы боюнча. 2015-жылы бул программалар боюнча Кыргызпатенттин үч адиси окушту.

Кыргызпатент интеллектуалдык менчик системасын өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери талкуулануучу ЕАПУнун Административдик кеңешинин отурумуна активдүү катышып турат.

### Ведомстволор аралык кызматташуу

2015-жылы чет өлкөлүк патенттик ведомстволордун өкүлдөрү менен бир катар эки тараптуу жолугушуулар болуп өттү, тактап айтканда:

1. Интеллектуалдык менчик боюнча Корея ведомствосунун өкүлдөрү менен жолугушуу (KIPO). Жолугушуунун жүрүшүндө ИМ чөйрөсүндө автоматташтыруу системасын өнүктүрүү боюнча кызматташуунун келечеги талкууланган. KIPO эксперттери тарабынан Түштүк Корея патенттик системасынын автоматташтыруу жаатындагы мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бетачар, ошондой эле бир катар өлкөлөрдө ишке ашырылган долбоорлор жөнүндө маалымат сунушталган. Өз кезегинде Кыргызпатенттин адистери интеллектуалдык менчик объектилерине өтүнмө берүүнүн электрондук системасына жана электрондук иш кагаздарын жүргүзүүгө өтүүдө ведомствонун учурдагы милдеттери жөнүндө айтып беришти.

2. “World Friends Korea”Advisors program” программасынын алкагында КореяРеспубликасынын эксперт-консультанты менен жолугушуу болуп өттү.

3. Умбрия шаарынын (Италия) делегациясы менен жолугушуу

4. “Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбоорун талкуулоо үчүн КРда экспортко багытталган үрөндөрдү жана жашылча-жемиш өсүмдүктөрдүн өндүрүшүн илгерилетүү боюнча JICA долбоорунун алкагында JICA Япония Эл аралык кызматташуу агенттигинин өкүлдөрү менен жолугушуу;

5. 2015-жылдын 27-апрелинде Эстониянын Интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борборунун делегациясынын Кыргызстанга иш сапарынын жүрүшүндө Кыргызпатент менен Эстония Республикасынын Интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борборунун ортосундагы эки тараптуу кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюлган.



*Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борборунун (EIPTTC) делегациясы менен эки тараптуу жолугушуу*



*Кыргызпатент менен Эстония интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борборунун (EIPTTC) ортосундагы эки тараптуу кызматташуу жөнүндө меморандумга кол коюу*

6. "Технологиялык өнүктүрүү боюнча улуттук агенттик" АКнын төрагасы менен жолугушуу. Жолугушуу 2015-2016-жылдары Кыргызпатент менен Казакстан Республикасынын УАТР АК ортосунда инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашууну ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын алкагында уюштурулган. Жолугушуунун жүрүшүндө инновациялык ишти өнүктүрүү жаатында эки тараптуу кызматташуунун келечеги жана анын мүмкүнчүлүктөрү талкууланган;

7. Европа өлкөлөрүнүн илим жаатындагы эксперттери менен жолугушуу. Делегациянын курамында Австрия, Германия, Греция, Эстония жана Казахстандын эл аралык эксперттери дагы болушту. Европа делегациясынын иш сапарынын алкагында министрликтердин, мамлекеттик уюмдардын жетекчилери, академиялык илимий-изилдөө институттардын директорлору ж.б.у.с. менен жолугушуулар болуп өттү.Иш сапардын максаты болуп достук мамиленин негизинде өз ара окутуу процессинде Кыргызстанда белгиленген реформаларды ишке ашыруу үчүн улуттук илимий-изилдөө системасын үйрөнүү жана талдоо саналат.




*Австрия, Германия, Греция, Эстония жана Казакстандан келген, илим жаатындагы эл аралык эксперттердин делегациясы менен жолугушуу*




# IV. Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо

## Өнөр жай менчик объектилердин жана селекциялык жетишкендиктердин экспертизасы жана аларды каттоо

### 1. Ойлоп табуулар

2015-жылы Кыргызпатентке ойлоп табууга патент алууга 126 өтүнмө келип түшкөн, бул өткөн жылга салыштырмалуу 9.35 %га азыраак. Чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен 4 өтүнмө келип түшкөн (Украинадан – 3, Германиядан - 1).

**Ойлоп табууларга патенттерди берүүгө өтүнмөлөрдүн келип түшүү динамикасы (2015-2015-жылдар)**

1.1-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 129 | 111 | 114 | 139 | 126 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 124 | 110 | 111 | 132 | 122 |
| Чет өлкөдөн келип өтүнмөлөр | 5 | 1 | 3 | 7 | 4 |

2015-жылы ойлоп табууларга патенттерди берүүгө өтүнмөлөр боюнча 117 чечим чыгарылган. Ойлоп табууларга өтүнмөлөр боюнча оң чечимдер чыгарылган чечимдердин жалпы санынан 92,3%ды түзөт.

РСТ жол-жобосу боюнча 1 өтүнмө, Евразия патенттик конвенциясынын жол-жобосу боюнча 6 өтүнмө келип түшкөн.

Эл аралык патенттик жиктештирүү (ЭПЖ) боюнча өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү төмөнкү бөлүмдөрдөгү ойлоп табууларга көп сандагы өтүнмөлөр келип түшкөндүгүн көрсөтүп турат: «А: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу», «В: Ар түрдүү технологиялык процесстер», «С: Химия; металлургия», «F: Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруу иштери», андан кийин «Е: Курулуш; тоо иштери».

**Эл аралык патенттик жиктештирүүгө ылайык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2013-2015-жылдар)**

1.1-диаграмма




«А» - адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу

«В» - ар түрдүү технологиялык процесстер

«С» - химия; металлургия

«D» - текстиль; кагаз

«Е» - курулуш; тоо иштери

«F» - механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруу иштери

«G» - физика

«Н» - электр кубаты

2015-жылдын 31-декабрына каратаабалы боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 4024 ойлоп табуулар корголууда, анын ичинде улуттук жол-жоболор боюнча -347 (өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 321, патенттер – 26), Евразия патенттик конвенциясынын жол-жобосу боюнча – 3677.

## 2. Пайдалуу моделдер

2015-жылы Кыргызпатенткепайдалуу моделдерге патент алууга 17 өтүнмө келип түшкөн, анын ичинен чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр – 3, Россия (RU).

Экспертиза тарабынан 13 чечим чыгарылган, анын ичинен оң чечим – 12, кайра сурап алынганы - 1.

**Пайдалуу моделдерди каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2011-2015-жылдар)**

2.1-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 10 | 17 | 9 | 10 | 17 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 10 | 17 | 8 | 8 | 14 |
| Чет өлкөдөн келип өтүнмөлөр | - | - | 1 | 2 | 3 |

Эл аралык патенттик жиктештирүү (ЭПЖ) боюнча пайдалуу моделге өтүнмө ээлери тарабынан көп сандагы өтүнмөлөр төмөнкү бөлүмдөргө келип түшкөндүгүн көрсөтүп турат: «А: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу», «Е: Курулуш; тоо иштери».

**Эл аралык патенттик жиктештирүүгө ылайык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2013-2015-жылдар)**

2.1-диаграмма



«А» - адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу

«В» - ар түрдүү технологиялык процесстер

«С» - химия; металлургия

«Е» - курулуш; тоо иштери

«F» - механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана окдарылар; жардыруу иштери

«G» - физика

«Н» - электр кубаты

2015-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 40 пайдалуу модель корголууда.

### 3. Өнөр жай үлгүлөрү

2015-жылы өнөр жай үлүлөрүнө патент алууга 23 өтүнмө келип түшкөн, улуттук өтүнмө ээлеринен – 12 (жеке жактардан– 11, юридикалык жактардан - 1), чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен - 11(Япониядан -1, Кытайдан – 7, Россиядан – 1, Украинадан – 2).

Мурдагы жылга салыштырмалуу өтүнмөлөрдүн саны 43,3%га азайды.32оң чечим чыгарылган.

**Өнөр жай үлгүлөрүн каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2011-2015-жылдар)**

Таблица 3.1.

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 25 | 36 | 14 | 53 | 23 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 20 | 17 | 12 | 47 | 12 |
| Чет өлкөдөн келип өтүнмөлөр | 5 | 19 | 2 | 6 | 11 |

Өнөр жай үлгүлөрүн эл аралык патенттик жиктештирүүгө (ӨҮЭЖ) ылайык өтүнмөлөрдүн көп саны төмөнкүлөргө тиешелүү болду: 09-01-классчасы (шишелер, флакондор, банкалар, чоң шишелер,..), 12-15 (авто үчүн шиналар жана тайгаланууга каршы чынжырлар …), 06-01 (отургучтар, креслолор жана ушу сыяктуу эмеректер…), 09-07 (Жабуу үчүн куралдар, …), 01-01 (адамдар жана жаныбарлар үчүн тамак-аш продуктулары …), 02-05 (галстуктар, шарфтар, кичине жо-

олуктар…), 11-02 (стол үчүн жасалгалар, кооз жасалгалар, вазалар…), 14-12 (перифериялык түзүлүштөр үчүн жабдуулар…).

**ӨҮЭЖгө ылайык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2013-2015-жылдар)**

3.1-диаграмма




Диаграмманын ичиндегилер:

32-00 Графикалык символдор жана

25-03 Үйлөр жана гараждар жана

25-02 Бланктык, курама же

23-03 Жылытуу үчүн жабдуу

21-02 Спорттук жабдуу

19-06 Каттар үчүн материалдар жана шаймандар

19-04 Китептер, дептерлер,

14-02 Перифериялык түзүлүштөр үчүн жабдуулар

12-15 Авто үчүн шиналар жана тайгалануунун алдын алуучу чынжырлар

11-02 Стол үчүн жасалгалар, кооз жасалгалар, вазалар

10-01 Дубал, мунара

09-07 Жабуу үчүн куралдар

09-03 Кутулар, үкөктөр

09-01 Шишелер, флакондор, ...

06-03 Эмерек буюмдары

06-01 Отургучтар, креслолор...

02-05 Галстуктар, шарфтар, кичине жоолуктар…

01-01 Адамдар жана жаныбарлар үчүн тамак-аш продуктулары …

2015-жылдын 31-декабрына каратаабалы боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 6021 өнөр жай үлгүсү корголууда, анын ичинде улуттук жол-жоболор боюнча –145 (анын ичинен өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 113, патенттер – 32), Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча – 5876.

Гаага макулдашуусунун жол-жобосуна ылайык Кыргызпатентке Кыргыз Республикасын патенттөө өлкөсү катары көрсөтүлүп, Эл аралык өнөр жай үлгүлөрүнүн бюллетенинин 45 номери жөнөтүлгөн. Өтүнмөлөрдүн саны – 215,анда өнөр жай үлгүлөрү- 768.

**2015-жылы Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча өтүнмөлөрдү өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча бөлүштүрүү**

3.2-таблица

| Өлкө | Өлкөнүн коду | 2015 |
|---|---|---|
| Швейцария | CH | 167 |
| Италия | IT | 19 |
| Турция | TR | 11 |
| Болгария | BG | 3 |
| Франция | FR | 3 |
| Япония | JP | 2 |
| Люксембург | LU | 2 |
| АКШ | US | 2 |
| Башка өлкөлөр | | 6 |
| Бардыгы: | | 215 |

2015-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын аймагында Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча 5876өнөр жай үлгүлөрү корголууда. Отчеттук мезгилдин ичинде 212 оң чечим чыгарылган.

## 4. Рационализатордук сунуштар

Отчеттук жылы рационализатордук сунуштарды каттоого 35 өтүнмө келип түшкөн. 2014-жылга салыштырмалуу өтүнмөлөрдүн саны 58,3%га азайды.

**Рационализатордук сунуштарга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2011-2015-жылдар)**

4-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн саны | 41 | 72 | 68 | 60 | 35 |

Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде рационализатордук сунуштарды каттоого 37 оң чечим чыгарылган.

2015-жылдын 31-декабрына карата катталган рационализатордук сунуштардын саны 825 түзгөн.

## 5. Товардык белгилер

2015-жылы товардык белгилерди улуттук жол-жобо боюнча каттоого 748 өтүнмө келип түшкөн. 2014-жылга салыштырмалуу келип түшкөн өтүнмөлөрдүн саны 4,8%га көбөйдү. Улуттук өтүнмө ээлеринен келип түшкөн өтүнмөлөрдүн үлүшү 32,5%, чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен – 67,5 %ды түздү.

**Товардык белгилерди каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2011-2015-жылдар)**

5.1-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 724 | 703 | 706 | 714 | 748 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 180 | 184 | 232 | 275 | 243 |
| Чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр | 544 | 519 | 474 | 439 | 505 |

Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде товардык белгилерге өтүнмөлөр боюнча 650 оң чечим чыгарылган, каттоодон баш тартылган чечимдер - 40.

Өлкөлөр боюнча улуттук жол-жоболор боюнча келип түшкөн өтүнмөлөрдү бөлүштүрүүдө өтүнмөлөрдүн көп саны Кыргызстан, АКШ, Корея, Кытай, Швейцария, Россия Федерациясынан келип түшкөндүгүн көрсөтүп турат.

**Өтүнмөлөрдү өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча бөлүштүрүү (2015-ж.)**

5.2-таблица

| Өлкө | Өлкөнүн коду | 2015 |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 243 |
| АКШ | US | 144 |
| Корея | KR | 48 |
| Кытай | CN | 35 |
| Швейцария | CH | 29 |
| Россия Федерациясы | RU | 29 |
| Улуу Британия | GB | 24 |
| Индия | IN | 24 |
| Казакстан | KZ | 23 |
| Турция | TR | 17 |
| Грузия | GE | 13 |
| Япония | JP | 12 |
| Гонконг | HK | 9 |
| Кипр | CY | 8 |
| Нидерланды | NL | 6 |
| Виргин аралдары (Британия) | VG | 6 |
| Мальта | MT | 6 |
| Сингапур | SG | 6 |
| Бразилия | BR | 5 |
| Германия | DE | 5 |
| ОАЭ | AE | 5 |
| Франция | FR | 5 |
| Чехия Республикасы | CZ | 5 |
| Ирландия | IE | 4 |
| Куба | CU | 4 |
| Дания | DK | 3 |
| Кайман аралдары | KY | 3 |
| Сауд Аравиясы | SA | 3 |
| Тайвань | TW | 3 |
| Өзбекстан | UZ | 3 |
| Мексика | MX | 2 |
| Эстония | EE | 2 |
| Башка өлкөлөр | | 14 |
| Бардыгы: | | 748 |

2015-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын аймагында улуттук жол-жобо боюнча 9847 товардык белги корголууда

### 6. Эл аралык товардык белгилер

2015-жылы Товардык белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид системасы боюнча 2844 өтүнмө келип түшкөн жана 2243 каттоо узартылган, мурдагы жылга салыштырмалуу жаңы өтүнмөлөрдүн келип түшүүсү 13,8%га көбөйгөн.

**Келип түшкөн эл аралык өтүнмөлөрдүн динамикасы (2011-2015-жылдар)**

6.1-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн саны | 4342 | 4091 | 4585 | 4448 | 5087 |
| Келип түштү (жаңы) | 2625 | 2724 | 3006 | 2497 | 2844 |
| Узартылды | 1717 | 1367 | 1579 | 1951 | 2243 |

**Жылдар боюнча өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча келип түшкөн эл аралык өтүнмөлөрдү н санын бөлүштүрүү**

6.2-таблица

| Өлкө | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|
| Россия | 434 | 394 | 388 |
| Германия | 207 | 199 | 273 |
| АКШ | 201 | 194 | 271 |
| Кытай | 335 | 265 | 252 |
| Швейцария | 204 | 161 | 220 |
| Турция | 325 | 262 | 190 |
| Италия | 149 | 142 | 121 |
| Франция | 143 | 105 | 121 |
| Венгрия | 76 | 17 | 120 |
| Украина | 101 | 81 | 92 |
| Улуу Британия | 105 | 60 | 59 |
| Бельгия | 37 | 32 | 57 |
| Нидерланды | 35 | 38 | 54 |
| Япония | 89 | 58 | 51 |
| Люксембург | 14 | 18 | 50 |
| Кипр | 40 | 39 | 48 |
| Австрия | 29 | 35 | 42 |
| Польша | 42 | 20 | 38 |
| Испания | 26 | 40 | 34 |
| Казакстан | 48 | 16 | 27 |
| Беларусь | 28 | 21 | 26 |
| Дания | 14 | 6 | 25 |
| Корея | 19 | 19 | 21 |
| Болгария | 32 | 32 | 20 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Словения | 38 | 24 | 20 |
| Молдова | 13 | 5 | 19 |
| Иран | 13 | 19 | 14 |
| Ирландия | 18 | 4 | 14 |
| Индия | 3 | 13 | 13 |
| Финляндия | 21 | 14 | 13 |
| Виргин аралдары | 26 | 7 | 12 |
| Латвия | 11 | 11 | 12 |
| Швеция | 15 | 12 | 12 |
| Лихтенштейн | 16 | 30 | 10 |
| Чехия Республикасы | 18 | 10 | 10 |
| Сингапур | 10 | 7 | 8 |
| Белиз | - | 2 | 7 |
| Австралия | 8 | 5 | 5 |
| Грузия | 8 | 8 | 5 |
| Бермуд аралдары | - | - | 4 |
| Вьетнам | 2 | - | 4 |
| Египет | 1 | 1 | 4 |
| Литва | 2 | 1 | 4 |
| Румыния | 7 | - | 4 |
| Исландия | - | 5 | 3 |
| Марокко | - | 1 | 3 |
| Мексика | 2 | 2 | 3 |
| Жаңы Зеландия | - | - | 3 |
| Сербия | - | - | 3 |
| Словакия | 2 | 3 | 3 |
| Азербайжан | 1 | - | 2 |
| Армения | 1 | 2 | 2 |
| Барбадос | - | - | 2 |
| Греция | 3 | 5 | 2 |
| Израиль | 2 | 4 | 2 |
| Монголия | - | - | 2 |
| Норвегия | 5 | 1 | 2 |
| БАЭ | - | 7 | 2 |
| Панама | - | 1 | 2 |
| Сан-Марино | 1 | 1 | 2 |
| Филиппин | 1 | - | 2 |
| Башка өлкөлөр | 25 | 38 | 10 |
| **Бадыгы:** | **3006** | **2497** | **2844** |

Отчеттук жылы 2611 оң чечим чыгарылган, 176 биротоло баш тартылган, 85 биротоло жарым-жартылай баш тартылган, 6 өтүнмө кайра сурап алынган.

Кыргыз Республикасы Мадрид системасына кошулган күндөн берки мезгилде Кыргызпатент аркылуу 27 өтүнмө берилген.

## 7.Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары

2015-жылы товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоого 1 өтүнмө келип түшкөн.

2015-жылдын 31-декабрына каратаКыргызРеспубликасынын аймагында 21 товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары корголууда.

## 8. Фирмалык аталыштар

Отчеттук 2015-жылы фирмалык аталышты каттоого 45 өтүнмө, 2014-жылы – 21 өтүнмө келип түшкөн. 2015-жылы өтүнмөлөрдүн келип түшүүсү 2014-жылга салыштырмалуу 114%га көбөйгөн.

Көрсөтүлгөн мезгилдеги фирмалык аталыштарга өтүнмөлөр боюнча 43 оң чечим жана 1 баш тартылган чечим чыгарылган.

2015-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын аймагында 409 фирмалык аталыштар корголууда.

## 9. Селекциялык жетишкендиктер

2015-жылы селекциялык жетишкендиктерди каттоого 3 өтүнмө келип түшкөн, 3 оң чечим чыгарылган.

2015-жылдын 31-декабрына каратаКыргыз Республикасынын аймагында бардыгы 8 селекциялык жетишкендиктер корголууда.

## 10. Салттуу билимдер

2015-жылы салттуу билимдерди каттоого өтүнмө келип түшкөн эмес.

2015-жылдын 31-декабрына карата корголуучу салттуу билимдердин саны - 7.

## 11. Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин коргоо

2015-жылы Кыргызпатентке автордук укук объектилерин каттоого 228 өтүнмө, ЭЭМ үчүн программаларды каттоого 34 өтүнмө, маалыматтар базасын каттоого 4 өтүнмө, интегралдык микросхемалардын топологиясын каттоого 2 өтүнмө келип түшкөн.

Көрсөтүлгөн мезгилде 2014-жылга салыштырмалуу автордук укук объектилерине өтүнмөлөрдүн саны 16,5%га, ЭЭМ үчүн программаларды каттоого өтүнмөлөрдүн саны 54,1%га азайды.

**Автордук укук жана чектеш укуктар объ-ектилерин каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2011-2015-жылдар)**

7.1-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Автордук укук | 203 | 264 | 183 | 273 | 228 |
| ЭЭМ үчүн программа-лар | 20 | 25 | 26 | 74 | 34 |
| Маалыматтар базалары | 1 | - | 4 | 1 | 4 |
| Интегралдык микросхе-малардын топологиясы | - | - | - | - | 2 |

2015-жылдын 31-декабрына карата Мамлекеттик реестрде 2745 автордук укук объектилери, 394 ЭЭМ үчүн программалар, 26 маалыматтар базалары, 2 интегралдык микросхемалардынтопологиясы катталган.



# V. Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруу

“Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргызпатент авторлор менен укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу милдетин аткарат, илим, адабият жана искусство жаатындагы чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн укуктук шарттарды түзүүгө, авторлордун жана чектеш укуктар ээлеринин сотко кайрылуу укугу менен кошо, укуктарын ишке ашырууга көмөктөшөт, автордук укуктарды пайдалануу жөнүндө келишимдерди түзөт, ошондой эле авторлор менен укук ээлерине автордук сыйакыны (гонорарды) чогултат, бөлүштүрөт жана төлөп берет.

Улуттук авторлордун мүлктүк укуктарын ишке ашырууга Кыргызпатентке укук ээлеринин түздөн-түз ыктыярдуу жазуу түрүндөгү келишимдердин негизинде алардын мүлктүк укуктары өткөрүлүп берилген. Чет өлкөлүк авторлордун укуктары авторлордун мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу чет өлкөлүк уюмдар менен түзүлгөн макулдашууларга ылайык башкарылат.

2015-жылы автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууга 269 лицензиялык келишим түзүлгөн.

2015-жылы автордук сыйакыны чогултуунун көлөмү – 9954405 сомду (тогуз миллион тогуз жүз  элүү төрт миң төрт жүз сомду) түздү.

2014-жылы чогултуунун суммасы 8 685 085 (сегиз миллион алты жүз сексен беш миң сексен беш) сомду түзгөн. Автордук сыйакыны чогултуунун көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 14,6%га көбөйгөн.

4.1-диаграмма




2015-жылы Кыргызпатент тарабынан Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынан келип түшкөн аудиовизуалдуу продукцияларды текшерүү боюнча иштер улантылган. Текшерилген продукциялардын жалпы саны 82 нусканы түзгөн, алар боюнча 30 корутунду чыгарылган.

**2015-жылы текшерилген продукция**

7.2-таблица

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2014 |
|---|---|
| DVD форматындагы компакт дисктер | 46 |
| Аудиовизуалдуу чыгармалары менен флэш карта | 1 |
| Майкрософт жана 1С программалык камсыздоо менен системалык блоктор | 30 |
| Сервер | |
| Майкрософт ПК менен ноутбук | 1 |



# VI. Лицензиялык келишимдерди каттоо

2015-жылдын ичинде Кыргызпатентке интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды башкаруу жөнүндө келишимдерди каттоого 106 өтүнмө келип түшкөн, анын ичинен 102 келишим катталган.

Катталгандардын ичинен:

**- 33 лицензиялык келишимдин ичинен:**

өзгөчө лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга - 5;

өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга - 17;

өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен ойлоп табууну пайдаланууга - 3;

өзгөчө лицензия берүү менен ойлоп табууну пайдаланууга - 4;

өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен ЭЭМ үчүн программаны пайдаланууга - 4;

**- укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө 68 келишимдин ичинен:**

товардык белгиге - 60;

ЭЭМ үчүн программага - 5;

маалыматтар базасына – 1;

автордук укук объектине – 1;

өнөр жай үлгүсүнө – 1;

**- товардык белгиге күрөөнүн 1 келишими.**

Мындан тышкары Кыргызпатентте отчеттук мезгилде мурда катталган келишимдерге 16 өзгөртүү катталган.

**Лицензиялык келишимдер түзүлдү:**

- товардык белгини пайдаланууга өзгөчө лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 3;

- товардык белгини пайдаланууга өзгөчө лицен-

зия берүү жөнүндө чет өлкөлүк жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 2;

- товардык белгини пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 5;

- товардык белгини пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 10;

- товардык белгини пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 2;

- ойлоп табууну пайдаланууга өзгөчө лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 4;

- ойлоп табууну пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 3;

- ЭЭМ үчүн программаларды пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 4.

**Укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө 68 келишимдин ичинен:**

- 54 келишим товардык белгилерге укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 4 келишим товардык белгилерге укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 1 келишим товардык белгиге укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө жеке кыргыз жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 1 келишим товардык белгиге укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө жеке кыргыз жана чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 4 келишим ЭЭМ үчүн программага укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө жеке кыргыз жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 1 келишим ЭЭМ үчүн программага укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө чет өлкөлүк жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 1 келишим автордук укук объектине укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз жеке өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 1 келишим өнөр жай үлгүсүнө укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү;

- 1 келишим маалыматтар базасына укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз жеке жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлдү.

Автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна 269 лицензиялык макулдашуу катталган, анын ичинен:

- телерадиоберүүлөр -4 ;
- рингтон, реалтон, рингбэктон түрүндө пайдаланууга – 1;
- клуб - 5;
- дүкөндөр, соода борборлору- 29;
- театр, кинотеатр, филармония – 5;
- кафе, барлар, ресторандар, пабдар, кофейнялар, чайкана – 219;
- көңүл ачуу борбору - 1;
- караоке – 5.



# VII. Интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу

## Сот практикасы жана Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешинин иши

Интеллектуалдык менчик жаатындагы талаш-тартыштарды кароонун, аларды чечүүдө жалпы мамилени иштеп чыгуунун сапатын жогорулатуу, ошондой эле интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо көйгөйлөрүн аныктоо үчүн интеллектуалдык менчик жаатындагы талаш-тартыштарды кароо боюнча сот иштери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, системага салуу жана жыйынтыктоо жүргүзүлөт.

Ошентип 2015-жылы Кыргызпатенттин өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын ар түрдүү сот инстанцияларында интеллектуалдык менчик жаатындагы 28-талаш-тартышты кароодо катышты.

**Кыргызпатенттин сот отурумдарына катышуусу (2015-жыл)**

8.1-таблица

| Доо арыздарынын түрлөрү | Берилди | Чечимдер чыгарылды | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Канааттандырылды | Баш тартылды | Даттанылат | Карап чыгуусуз калтырылды | Кароодо | Тынчтык макулдашуу |
| Пайдаланылбаган себеби боюнча товардык белгини коргоону мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө | 7 | 3 | - | - | 1 | 3 | - |
| Түрдүк түшүнүккө өткөндүгүнө байланыштуу товардык белгинин күчүн токтотуу жөнүндө | - | - | - | - | - | - | - |
| Мамлекеттик органдын ченемдик эмес актысын жокко чыгаруу жөнүндө (Решения Апелляциялык кеңештин чечимдери жана экспертизанын чечимдери) | 6 | - | 1 | 5 | - | - | - |
| Товардык белгиге өзгөчө укукту коргоо жөнүндө | 2 | 1 | - | 1 | - | - | - |
| Фирмалык аталышка өзгөчө укукту коргоо жөнүндө | 1 | 1 | - | - | - | - | - |
| Автордук укуктарды коргоо жөнүндө | 4 | - | - | - | 1 | 3 | - |
| Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна Кыргызпатент менен лицензиялык келишим түзүүгө мажбурлоо жөнүндө | 2 | - | - | - | 2 | - | - |
| Автордук сыйакыны төлөтүү жөнүндө | 12 | 6 | - | - | 6 | - | - |
| Эмгек талаш-тартыштар | 2 | - | 1 | - | - | 1 | - |
| Чарбалык талаш-тартыштар | 1 | 1 | - | - | - | - | - |
| Бардыгы: | 37 | 12 | 2 | 6 | 10 | 7 | - |

Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңеши Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик объектилеринин коргоо жөндөмдүүлүгү маселелери боюнча каршы пикирлерди жана арыздарды өткөн жылдагыдай эле караган.

**Апелляциялык кеңеш тарабынан өнөр жай менчик объектилеринин жана селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү боюнча каршы пикирлерди жана арыздарды кароосу (2015-жыл)**

8.2-таблица

| Өнөр жай менчик объектилеринин жана селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү | Келип түшкөн каршы пикирлердин саны | Каралып чыккан каршы пикирлердин саны | Каралып жаткан каршы пикирлердин саны |
|---|---|---|---|
| Өнөр жай үлгүлөрү | 1 | - | 1 |
| Товардык белгилер | 6 | 9 | 2 |
| Товардык белгини жалпыга белгилүү деп таануу/жокко чыгаруу жөнүндө арыздар | 4 | - | 4 |
| Бардыгы: | 11 | 9 | 7 |

Отчеттук жылы Апелляциялык кеңеш тарабынан каршы пикирлерди кароонун жыйынтыгы боюнча 6 каршы пикир канааттандырылды, 1 жарым-жартылай канааттандырылды жана 2 баш тартылды.



# VIII. Маалыматтык технологияларды өздөштүрүү

Кыргызпатенттин негизги милдеттеринин бири болуп ведомствонун иш процесстерин автоматташтыруу, маалыматтар базаларын колдоо жана өнүктүрүү, маалыматтарды топтоп сактоо жана мындан ары ийгиликтүү пайдалануу үчүн ар түрдүү форматтарда чыгаруу саналат, бул жыйынтыгында маалыматтарды бирдейлигинин жогору деңгээлин, МБга on-line мүмкүнчүлүгүн камсыздоого жана Интернетке чектөөсүз чыгуусуна кепилдик берет.

Ведомствонун www.patent.gov.kg сайтын өнүктүрүү ишке ашырылган, ал аркылуу пайдалануучуларга өнөр жай менчик объектилери боюнча статистика менен таанышууга мүмкүндүк берилет.



# IX. Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун иши жана чыгармачылык ишмердикти өбөлгөлөө

Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду(ИМ Мамфонду) 2105-жылы Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн демилгелөө, бекемдөө, маданиятты, ойлоп табуучулук ишти өнүктүрүүнү өбөлгөлөө максатында авторлор менен ойлоп табуучулардын 27 арызын карап чыккан. 8 авторго, 1 маданият ишмерине жана 1 ойлоп табуучуга финансылык жардам көрсөтүлгөн. Отчеттук мезгилдин ичинде 7 жаш автордун чыгармалары чыгарылган.



*ИМБДУнун Алтын медалын тапшыруу*



*ИМБДУнун Алтын медалын тапшыруу*

Ойлоп табуучулук жана чыгармачылык ишмердикте көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн ИМБУнун Алтын медалына төмөнкүлөр татыктуу болушту:

-**Токтосунова Батма Бадировна**, химия илимдеринидоктору, профессор, академик У. Асаналиев атындагы Тоо иши жана тоо технологиялар институтунун «Химия жанахимиялык технология» кафедрасынын башчысы;

- **Чотурова Бактыгул**, жазуучу, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

ЕАПУнун Алтын медалына төмөнкүлөр татыктуу болушту:

- **Мамасаидов Мухаммаджан Ташалиевич**, техника илимдерининдоктору, академик;

- **Осмоналиев Каныбек**, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитетинин төрагасы.

Инновациялык ишти жигердендирүүгө жана бизнес-коомчулуктун, мамлекеттик түзүмдөрдүн жана ойлоп табуучулардын кызматташуусун бекемдөөгө, жаштардын жана окуучулардын интеллектуалдык чагармачылыгын өнүктүрүүгө байланыштуу актуалдуу маселелерди талкуулоо үчүн ИМ Мамфонду тарабынан бир катар иш-чаралар өткөрүлдү:

2015-жылдын 27-28-мартында Чүй облусунда “Мектеп окуучуларынын илимий-техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөр жана анын келечеги” деген тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столдун ишине 101 киши катышты. Ошондой эле техникалык, кол-

донмо жана көркөм чыгармачылык боюнча иштердин көргөзмөсү уюштурулду, анда окуучулардын 150дөн ашуун иштери коюлган.

2015-жылдын 20-апрелинде “Баткен облусунда мөмө-жемиш продукцияларын кайра иштетүүнү инновациялык өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү жана анын келечеги” деген тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столдун ишине КР Энергетика жана өнөр жай министрлигинин, Баткен облусунун аткаруу бийлик органдарынын, ЧОИнин, дыйкан чарбалардын жана илимий чөйрөнүн өкүлдөрү катышты. Тегерек стол мамлекеттик түзүмдөр, ЧОИ жана дыйкан чарбалардын ортосунда кызматташуу үчүн аянтча түзүү максатында уюштурулган.

Иш-чаралардын алкагында инновацияларды өздөштүрүү жана ЕАЭБге даяр продукцияны сатуу маселелери боюнча ата мекендик ишканаларга жардам берүү үчүн мөмө-жемиш продукцияларын кайра иштетүү боюнча идеяларды жана долбоорлорду ийгиликтүү коммерциялаштыруунун тажрыйбалары сунушталган.

- 2015-жылдын 21-апрелинде райондук балдар чыгармачылык борборунун базасында Баткен облусунун ийримге катышуучуларынын көргөзмөсү өткөрүлгөн. Кызыл – Кыя шаарынын, Кадамжай, Баткен жана Лейлекрайондорунун шаардык балдар чыгармачылык борборунун ийримге катышуучуларынын жетишкендиктери көрсөтүлгөн. Катышуучулардын саны 65 кишини түзгөн.

- 2015-жылдын 23-24-апрелинде Ош жана Жалал-Абад облустук балдар чыгармачылык борборунун базасында ийримге катышуучулардын жетишкендиктеринин көргөзмөсү уюштурулган. Көргөзмөдө Ноокат, Алай, Чоң-Алай, Араван, Кара-Суурайондорунунбалдар чыгармачылык борборлорунун ийримге катышуучуларынын макеттери, долбоорлору коюлган («Универсалдуу КамАЗ», «Сууда иштей турган машина», «Ырдоочу фонтандын макети», «Балдар селкинчеги трактору», «Биогаз алуу үчүн алет»). Бардыгы 32 долбоор сунушталган.

- 2015-жылдын 14-майында С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде “Нарын облусунда эт-сүт продукциясын кайра иштетүүнү инновациялык өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү жана анын келечеги” деген темада региондук тегерек стол өткөрүлгөн. Тегерек столдун ишине Нарын обусундагы КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү, ЖӨБдүн өкүлдөрү, облустун чакан жана орто бизнес өкүлдөрү жана НМУнун профессордук-окутуучулук курамынын өкүлдөрү катышты. Тегерек стол ЧОИ, мамлекеттик түзүмдөр жана илимий чөйрөнүн өкүлдөрүнүн ортосунда кызматташуу үчүн

аянтча түзүү максатында уюштурулган. Ата мекендик ишканалардын эт-сүт продукциясын иштеп чыгуу жана ЕАЭБдин өлкөлөрүнө даяр продукцияны сатуу маселелери талкууланды.

- 2015-жылдын 5-ноябрында Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун, атайын орто окуу жайларынын студенттеринин ортосунда илимий-изилдөө иштерди өбөлгөлөө жана колдоо үчүн “Идеялар жармаңкеси” конкурсун өткөргөн. Иш-чара илимий-техникалык изилдөөлөрдү, иштелмелерди жана ойлоп табууларды илгерилетүү максатында өткөрүлдү. Конкурста жаш окумуштуулардын жана студенттердин жаңы иштелмелери, ойлоп табуулары, инновациялык долбоорлору сунушталды (89 долбоор). Иш-чарага 136 киши катышты (ЖОЖдордун, колледждердин, инженердик-техникалык академиянын, лицейлердин, техникумдардын студенттери, ошондой эле ЧОИнин өкүлдөрү). Конкурстун жеңүүчүлөрү акчалай сыйлыктар, дипломдор жана тастыктамалар менен сыйланышты.






*“Идеялардын жарманкеси” кароо-конкурсу*



*“Идеялардын жарманкеси” кароо-конкурсу*

Отчеттук мезгилдепатенттик маалыматтар базасына жана илимий-техникалык жарыялоолорго интерактивдүү мүмкүндүк алууну камсыздоо, ИМ жана инновациялар жаатындагы ойлоп табууларды жана маалыматтарды издөөдө жардам берүү үчүн К.И.Скрябинатындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Агрардык технологиялар борборунун, КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн А.С. Жаманбаев атындагы Жаратылыш ресурстар институтунун жана «Электр фарфору» ЖЧКнын базасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун (мындан ары - ТИКБ) 3 филиалы ачылган.

Чакан жана орто ишканаларда инновациялык ишти жигердендирүү, интеллектуалдык менчик объектилерин пайдалануу жөнүндө маалымат берүү максатында жана аларды коммерциялаштырууда төмөнкү тренингдер өткөрүлдү:

- 2015-жылдын 27-февралында Инновациялык агрардык технологиялар борборунда (ИАТБ) «Эл аралык дайындар базасын пайдалануу менен патенттик маалыматтарды издөө» деген темада тренинг өткөрүлгөн, ага 70 киши катышкан;
- 2015-жылдын 28-февралында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен биргелешип «Инновациялык менеджмент, интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу жана аны баалоо» деген темада тренинг өткөрүлгөн, ага 31 киши катышкан;
- 2015-жылдын 31-мартында ИМдин Мамлекеттик фондунда «Интеллектуалдык менчикти укуктук

коргоо маселелери, патенттик эмес маалыматтарды пайдалануу жана интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу» деген темада ТИКБнын филиалдарынын координаторлору үчүн семинар-тренинг өткөрүлгөн, ага 33 киши катышкан;

- 2015-жылдын 23-апрелинде А. С. Жаманбаев атындагы Жаратылыш ресурстар институтунда ТИКБнын ачылышынын алкагында «Эл аралык дайындар базасын пайдалануу менен патенттик маалыматтарды издөө» деген темада тренинг өткөрүлгөн, ага 164 киши катышкан;

- 2015-жылдын 23-октябрында «Электрфарфору» ЖЧКсы менен биргелешип “Интеллектуалдык менчик объектилерин өндүрүшкө киргизүүнүн жолдору жана ыкмалары. Идеядан коммерциялаштырууга чейин” деген тренинг өткөрүлгөн. Тренингге «Электрфарфору» ЖЧКсынын кызматкерлери, ЖОЖдордун окутуучулары, ойлоп табуучулар, чакан жана орто ишканалардын өкүлдөрү жана жаш окумуштуулар катышты.

Ысык-Көл облусунда 09-11-14.11.2015-ж. жана Талас облусунда 12.10.-17.10.2015-ж. “Мектеп окуучуларынын илимий-техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөр жана келечеги” деген темада тегерек столдор өткөрүлгөн.



# X. Мамлекеттик патенттик–техникалык китепкананын иши жана маалыматтык тейлөө

Мамлекеттик патенттик–техникалык китепкана – Кыргызстандын ири элдик китепканаларынын бири. Китепкананын фонду 18 млн. нуска адабияттардан жана документтерден, анын ичинде дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүнүн патенттик жана илимий-техникалык маалыматтарынан турат. 2015-жылы фонд 262871 нуска адабияттар жана документтер менен толукталды.

Интеллектуалдык менчик жаатындагы ойлоп табуучулук, инновациялык, илимий, билим берүү ишин өнүктүрүү максатында китепкананын кызматкерлери тарабынан окурмандардын суроо-талаптары боюнча төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:

- интеллектуалдык менчик объектилери боюнча 357 патенттик издөө;
- өнөр жай менчик объектилери боюнча 4204 кеңеш берүү;
- 2857 абонентке ченемдик укуктук жана методикалык жарыялоолор, интеллектуалдык менчик объектилери боюнча өтүнмө берүүнүн эрежелери, ИМ объектилерин баалоо, инновациялык саясат, бажы иштери боюнча документтер.

2015-жылы МПТК илимий-техникалык адабияттардын жана патенттик маалыматтардын 83 тематикалык көргөзмөлөрдү уюштурду, пайдалануучулардын суроо-талаптары боюнча 970 адабияттардын тематикалык тандоосун аткарды.

2015-жылдын 30-апрелинде “Жаш ойлоп табуучулардын мектеп окуучулары менен жолугушуусу” деген темада тегерек стол өткөрүлгөн. Тегерек столдун максаты интеллектуалдык чыгармачылыкты өбөлгөлөө,



*Илимий-техникалык адабияттын жана*
*патенттик маалыматтын темалык көргөзмөсү*

колдоо жана жигердендирүү, ошондой эле мектеп окуучуларын илимий-техникалык чыгармачылыктын чөйрөсүнө жигердүү тартуу болуп саналган.

Иш-чарага төмөнкүлөр катышты:

- Токтосунова Батма Бадировна, химия илимдеринин доктору, ИМБДУнун алтын медалынын ээси;

- Уфада ШКУ өлкөлөрүнүн жаштар инновациялык форумунун жеңүүчүлөрү Сыдык уулу Нурбек, Алтыбаев Аманбек, Акпаралиев Руслан;



*“Жаш ойлоп табуучулардын мектеп окуучулары менен жолугушуусу” тегерек үстөлү*



*Окуучулар үчүн интеллектуалдык менчик жөнүндө билимдерди таратуу боюнча викториналар, интеллектуалдык оюндар, плакаттардын конкурсу*

- № 27, 69 жана Бешкүнгөй айылынын орто мектебинин окуучулары.

2015-жылдын 4-майында Ош техникалык университетинин техникалык колледжинин окуучулары үчүн Т. Мияшев атындагы Ош облустук балдар китепканасында Кыргызпатенттин Мамлекеттик патенттик-техникалык китепканасы тарабынан интеллектуалдык менчик жана салттуу билимдер жөнүндө билимди жайылтуу боюнча иш-чара өткөрүлгөн. Иш-чаранын алкагында викторина, интеллектуалдык оюн, “Интеллектуалдык менчик” деген плакаттардын конкурсу өткөрүлгөн. Ошондой эле “Кыргыз элинин салттары жана үрп-адаттары”, “Эң биринчи ойлоп табуу” деген темаларда талкуу өткөрүлгөн. Катышуучуларга тастыктамалар, интеллектуалдык менчик объектилери боюнча эскерткичтер, «Интеллект, чыгармачылык жана турмуш» журналы, “Кыргыз Республикасынын ойлоп табуучулары” деген библиографиялык көрсөткүч жана китепкананын эстелик белектери тапшырылды.

- 2015-жылдын 27-майында комузчу, күүчү Кенжебек Алдаярдын 50 жылдыгынын урматына “Кыргыз салттуу билими – салттуу музыканын өзөгү” деген юбилейлик чыгармачылык кече уюштурулган. Юбилейлик кечеге Кыргыз Республикасынын Маданият, туризм жана маалымат министрлигинин, шаардык музыкалык мектептердин өкүлдөрү жана чыгармачыл интеллигенция катышты.

- 2015-жылдын 29-сентябрында Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Китепканалык-маалы-

маттык борборунда Жалал-Абад колледжинин жана Б.Алыкулов атындагы Маданият техникумунун окуучулары үчүн интеллектуалдык менчик объектилери жана салттуу билимдер жөнүндө билимди жайылтуу боюнча иш-чара өткөрүлгөн. Иш-чаранын катышуучуларына "Кыргызстандын улуттук байлыгы" деген бетачар сунушталган. Ошондой эле интеллектуалдык менчик маселелери талкууланды. Иш-чарага 110 окуучу катышты.

2015-жылы китепкана маалыматтык басылмаларды чыгаруу боюнча иш жүргүздү:

- «Бургулоо үчүн жабдуу жана түзүлүш», «Шахталарда жана карьерлерде пайдалуу кендерди иштеп чыгуу» деген 2 реферативдик жыйнак;

- "Кыргызстанда интеллектуалдык менчикти коргоо системасы", "Ааламдашуу шартында Кыргызстандын интеграциялык процесстерин өнүктүрүү", "Эмгек сиңирген экономист, экономика илимдеринин доктору, профессор Ш.М. Мусакожоевдин, ошондой эле ойлоп табуучулар Э.М. Худайбергенова менен Б.Б. Токтосунованын жарыяланган иштеринин библиографиялык көрсөткүчү" (1967-2015-жж.) деген 5 библиографиялык көрсөткүч.

- Кыргызстанда заманбап экономиканын, экологиянын, тышкы экономикалык мамилелердин, кредиттик системанын, мунайды кайра иштетүүнүн, айыл чарба тармагынын абалы жөнүндө темалар боюнча 12 сереептик маалыматтар.

МПТКнын жана тармактык министрликтердин, ведомстволордун пайдалануучуларынын суроо –талаптары боюнча «Кирлибнет» аркылуу элдектрондук түрдө дайыма жиберип турат. Китепкананын пайдалануучулары «ИРБИС» китепканалык системанын МБсы менен иштөөгө, патенттик ведомстволордун МБсы боюнча издөө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар.




# XI. Маалыматтык жана редакциялык-басма иши

2015-жылы «Интеллектуалдык менчик» расмий бюллетенинин 12 номери чыгарылган, аларда катталган жана патент берилген интеллектуалдык менчик объектилери жөнүндө маалыматтар жарыяланган.

Ай сайын жарыялануучу «Интеллектуалдык менчик» расмий бюллетени, интеллектуалдык менчик жөнүндө маалымат менен компакт-дисктер, Жылдык отчет маалыматтар менен алмашуу программасынын алкагында жакынкы жана ыраакы чет өлкөлөрдүн патенттик ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын китепканалары менен жогорку окуу жайларынын, илимий изилдөө мекемелеринин ортосунда жайылтылат, ошондой эле Кыргызпатенттин окутуу семинарларында жана курстарында дагы жайылтылат.




*Кыргызпатенттин басылмалары*

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик реестрлеринде катталган ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү, товардык белгилер, көрсөткүчтөр, ТЧЖА, фирмалык аталыштар, программалык продуктулар жөнүндө архивдик маалымдарга жетүү мүмкүндүгүн жөнөкөйлөтүү үчүн 2015-жылы 2003-жылдан 2008-жылга чейинки расмий бюллетендер санариптештирилип ведомствонун сайтына жайгаштырылган.

Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктук коргоо берүүдө патенттик маалыматты издөөнү жөнөкөйлөтүү үчүн 2015-жылы Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык жиктөөчүсү, Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн аталыштарынын лексика-семантикалык идентификатору, Белгилердин сүрөт элементтеринин эл аралык жиктөөсү мамлекеттик тилде чыгарылган.

ИМ чөйрөсүндө колдонулуп жаткан мыйзамдар жөнүндө маалыматты жайылтуу максатында товардык белгилер, тейлөө белгилери, товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары, селекциялык жетишкендиктер жана салттуу билимдер боюнча ченемдик-укуктук актылардын 4 жыйнагы чыгарылган.

Отчеттук жылы “Кыргызпатенттин кабарлары: интеллектуалдык менчиктин жана инновациялардын маселелери” деген илимий-практикалык журналдын 2 номери жарыяланган. Журналдын беттеринде белгилүү окумуштуулардын жана тажрыйбалуу адамдардын, интеллектуалдык менчик жаатындагы адистердин макалалары жарыяланат, интеллектуалдык менчик системасынын иштешинин актуалдуу темалары чагылдырылат, ушул чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөнүн иш-тажрыйбаларына талдоо жүргүзүлөт.

Чыгармачыл жаштарга колдоо көрсөтүү алкагында жаш авторлордун (акындардын жана прозачылардын) 5 китеби жана “Саамалык” деген 1 альманах (авторлордун кол жазмасы) чыгарылган.

Чыгармачылыкка колдоо көрсөтүү катары Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун Башкармалыгынын чечими  боюнча 6 китеп чыгарылган.

«Слово Кыргызстана», «Эркин Тоо», «Вечерний Бишкек», «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат», «Ош жаңырыгы», «Талас турмушу», «Ысык-Көл кабарлары», «Жалал-Абад үнү», «Теңир Тоо» (Нарынoблусу), «Баткен Таңы» аттуу республикалык жалпы газеталарда интеллектуалдык менчиктинжана инновациялардын актуалдуу маселелери боюнча макалалар жана маектер жарыяланып турат.






*Жаш авторлордун китептерин чыгаруу*

Кыргызпатенттин кызматкерлери интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо, инновациялык ишти өнүктүрүү, жаштардын жана мектеп окуучуларынын арасында ойлоп табуучулукту жана чыгармачылыкты колдоо маселелери боюнча КТРК, «Утро на 5», ЭлТР», Нарын ТВ, «Биринчи Радио», «Кыргыз радио», «Эхо Манаса», «Радио Санжыра», «Радио Марал»теле - жана радиоп берүүлөргө катышты.

Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо маселелери жана Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун иши боюнча пресс-сессиялар уюштурулган. Аларга Кыргызпатенттин жетекчилери жана адистери, ошондой эле чакырылган журналисттер катышты. Ушундай биргелешип иштөөнүн натыйжасын-

да интеллектуалдык менчиктин ар түрдүү аспектилерине байланыштуу маселелери боюнча журналисттер даярдаган материалдардын саны көбөйдү жана сапаты жакшырды.

- 2015-жылдын 27-февралында “Кыргыз Республикасында ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдү тариздөөнүн сапатын жакшыртуу” деген семинар өткөрүлгөн. Семинардын ишине патент таануучулар, ойлоп табуучулар жана борбордогу ЖОЖдордун аспиранттары катышты. Ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдү түзүү жана берүү боюнча маселелер каралды.

- 2015-жылдын 24-мартында Кыргыз Республикасынын айыл чарба жана мелиорация министрлиги менен биргелешип “Кыргызстандын келечеги жаш агрардык адистердин көз карашы менен” деген тегерек стол өткөрүлгөн. Тегерек столдун ишине айыл чарба чөйрөсүндө жана чектеш тармактарда иштеген жаш адистер катышты. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун жана айыл чарба жаныбарларынын тукумдарын укуктук коргоонун, республиканын айыл чарбасынын ар түрдүү жаатындагы учурдагы кырдаалдын, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелерине жаш окумуштуу-селекциячыларды тартуунун маселелери каралган.

- 2015-жылдын 13-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы,USAIDдин “Аялдардын чакан жана орто бизнесте лидерлиги” деген программасы жана Борбордук Азияда салык салуу маселелери боюнча IFC долбоору менен биргелешип Баткен облусунун ишкер-аялдары менен менен региондук жолугушуу өткөрүшкөн. Жолугушуу тажрыйба алмашуу, интеллектуалдык менчиктин ролу жана мааниси жөнүндө маалымат алуу максатында, товардык белгилерди каттоо талаптары жана жол-жоболору жана алардын артыкчылыктары, ошондой эле салыктык каттоо боюнча жол-жоболук маселелери боюнча өткөрүлгөн.

- Жалал-Абад шаарындагы КР Соода-өнөр жай палатасы менен бирге ишкерлерге өнөр жай менчигинин ролу жана мааниси жөнүндө маалымат берүү боюнча семинар өткөрүлгөн. Семинардын ишине ишкерлер, укук ээлери, ойлоп табуучулар жана Жалал-Абад шаарындагы ТИКБнын филиалынын өкүлдөрү катышты. Семинарда өнөржай менчикти укуктук коргоо маселелери талкууланды, укук ээлери тарабынан ийгиликтүү иштелмелер жана аларды коммерциялаштыруу жөнүндө бетачарлар сунушталды.

## Шарттуу кыскартуулардын тизмеги:

ИМ-Интеллектуалдык менчик;

ИМБДУ - Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму;

ЕПВ - Европа патенттик ведомствосу;

ЕАПУ - Евразия патенттик уюму;

CISAC - Авторлордун жана композиторлор коомунун эл аралык конфедерациясы;

ЕврАзЭБ - Евразия экономикалык биримдиги;

БУУ ЕЭК - Бириккен Улуттар Уюмунун Европа экономикалык комиссиясы;

ИМ МАК–Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоо маселелери боюнча мамлекеттер аралык кеңеш;

ЭПЖ - Эл аралык патентттик жиктештирүү;

ӨҮЭЖ - Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык жиктештирүүсү;

КР УИА - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;

ТЧЖА - Товарлардын чыгарылган жерлеринин аталыштары;

КТРК - Коомдуктелерадиоберүү корпорациясы;

РБИТА - Республикалык балдар инженердик-техникалык академиясы;

ТИКБ -Технологияларды жана инновацияларды колдоо борбору;

МПТК - Мамлекеттик патенттик-техникалыкки-тепкана;

ЧОИ - Чакан жана орто ишканалар;

ЖМК- жалпыгамаалымдоокаражаттары;

IPAS - Өнөр жай менчигин автоматташтыруу системасы;

WIPOScan - Документтерди электрондук түргө өткөрүү программасы;

SIPO - Кытай Эл Республикасынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик ведомствосу;

CoSIS - Автордук коомдоштуктун маалыматтык системасы;

КМШ - Көзкарандысыз Мамлекеттер Шериктештиги;

ЭЭМ - Электрондук эсептөө машинасы;

ЖОЖ - Жогорку окуу жайы.

# Информация
# Государственной службы интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики о проделанной работе за 2015 год



# I. Совершенствование системы интеллектуальной собственности и инноваций

В 2015 году Государственная служба интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республике (далее - Кыргызпатент) осуществляла реализацию основных целей и задач Национальной стратегии развития устойчивого развития Кыргызской Республики на период 2013-2017 годы, Программы по переходу Кыргызской Республики к устойчивому развитию на 2013-2017 годы и Государственной программы развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике на 2012-2016 годы (далее – Государственная программа). Для достижения поставленной главной цели Государственной программы - **содействие развитию экономики путем совершенствования системы интеллектуальной собственности и инновационной деятельности, осуществлялась работа по** дальнейшему совершенствованию нормативной правовой базы, процедур предоставления правовой охраны на объекты интеллектуальной собственности, повышения уровня защиты прав на объекты интеллектуальной собственности, стимулирование интеллектуального творчества и коммерциализацию объектов интеллектуальной собственности. Таким образом, решение проблем не столько путем защиты и сохранения интеллектуальной собственности, сколько путем правового регулирования инновационной деятельности в условиях рыночной экономики.

В целом, реализация Плана мероприятий Государственной программы, идет в соответствии с установленными сроками, процент реализации на сегодняшний день составил 72,4 %. Из 114 мероприятий Государственной программы реализовано и завершено – 65, в процессе реализации – 44, исключено – 5.




В рамках Государственной программы реализуются 5 проектов.

По проекту **«Новое поколение изобретателей и новаторов Кыргызстана»** проводится работа по стимулированию, поддержке и активизации интеллектуального творчества и активному вовлечению молодежи в сферу научно-технического творчества. Осуществляется взаимодействие с руководителями кружков школьных и дошкольных учреждений. Оказывается содействие, в том числе в техническом оснащении кружков, поддержке творческих личностей. Для активизации научно-технического творчества школьников создаются уголки интеллектуальной собственности, кружки начально - технического моделирования и фольклорные кружки на базе высших учебных заведениях во всех регионах Кыргызстана. В течение 2015 года создано 6 уголков интеллектуальной собственности на базе детских образовательных центров в Ысcык-Кульской области Акталинского района Нарынской области, в которых можно ознакомиться с деятельностью Кыргызпатента и Госфонда ИС. Кроме того, для укрепления базы этих кружков переданы в дар книги, брошюры, по охране прав интеллектуальной собственности в КР, журнал «Интеллект, чыгармачылык жана турмуш», “Изобретатели КР”, “КР обончулары”, “КР манасчылары”, “Композиторы КР”, а также переданы приобретенные инструменты и материалы.

Таким образом, увеличилось количество школьников и молодежи, вовлеченной в научно-техническое творчество на 17 % в 2015 году по сравнению за 2014 год.

| Регионы | Число детских кружков, ед. | | Количество учащихся, чел. | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Иссык-Кульская | 42 | 52 | 1008 | 1248 |
| Нарынская | 17 | 23 | 587 | 828 |
| Таласская | 20 | 32 | 720 | 1152 |
| Чуйская | 23 | 29 | 830 | 1044 |
| Баткенская | 17 | 22 | 612 | 792 |
| Жалал-Абадская | 12 | 17 | 450 | 610 |
| Ошская | 126 | 131 | 3024 | 3144 |
| Итого | 257 | 306 | 7231 | 8818 |

Организовано 10 выставок технического творчества в районных центрах детского творчества и образовательных центрах, в мероприятиях приняли участие свыше 800 представителей различных кружков. На выставках, учащиеся показали 1040 макетов, проектов по техническому творчеству. По итогам проведенных мероприятий приняты резолюции.целью определения перспективных отечественных разработок, стимулирования и поощрения их разработчиков, для создания базы данных лучших изобретений проводится ежегодный отбор лучших изобретений. Лучшие изобретения награждаются дипломами Кыргызпатента. Проводятся викторины, интеллектуальные игры на тему: «Интеллектуальная собственность» и конкурс плакатов для учащихся средних школ.



*Выставки технического творчества в районных центрах детского творчества и образовательных центрах*

Отобраны и направлены наиболее перспективные молодые новаторы для участия в международных конкурсах и олимпиадах, таких как республиканский конкурс «Мы – интеллектуалы XXI века», II Международном фестивале «Иссык-Куль приглашает друзей», Республиканский  конкурс детской песни «Жоокер ыры», Таласский  областной конкурс «Папа, мама и я – техническая семья» и областной конкурс «Техника глазами детей».

По  проекту «Информационное содействие развитию инновационной деятельности малых и средних предприятий» проводится работа по содействию предпринимателям в осуществлении поиска информации и потенциальных бизнес партнеров, обучение представителей малого и среднего бизнеса методам получения экономической выгоды от использования инноваций.

Кыргызпатентом в 2014 году разработан проект «Концепции инновационного развития Кыргызской Республики до 2020 года», в котором предложен необходимый комплекс мер по созданию условий для перехода экономики Кыргызстана на инновационный путь развития. На данный момент принято решение начать разработку Концепции научно-инновационного развития Кыргызской Республики с учетом возможностей страны и текущего состояния развития инновационной деятельности и науки, которая будет ориентирована на инновационную активность, реализацию инновационных  проектов, в том числе научно-исследовательских и опытно-конструкторских разработок.

Проведен конкурс «Лучший инновационный проект», целью которого был отбор и содействие реализации наиболее перспективных инновационных проектов.



*Выставки  технического творчества в районных центрах детского творчества и образовательных центрах*

Для проведения конкурса было разработано и утверждено приказом председателя Кыргызпатента от 21 мая 2015 года № 81 Положение «О критериях и требованиях отнесения проекта к инновационному в КР».

По результатам отобраны 3 проекта для дальнейшего финансирования:

